Скырг
П-40

Эсен Тиллебаев



# Гүлбаар -- Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны

Формуляр книги

478 153

Т-40.

Эсен Тиллебаев

# Гулбаар-Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны

Бул китеп Араван районунун 80 жылдыгына,
Кыргызстандын тарых жана маданият жылына арналат

Баян – диалог

Ош-2016

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 478153

УДК 921
ББК 84 Ки 7-4
Т 40

ISBN 978-9967-471-06-1

Тиллебаев Эсен
Т 40 “Гүлбаар Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны”
-Ош. Кагаз Ресурстары, 2016, 88 бет.

ISBN 978-9967-471-06-1

“Жарыкчылыкта санжыралар болбосо, өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көңүлсүз эскерме калаарын көз алдыга элестетип көрүңүзчү...

Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра - бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси” .

Чыңгыз Айтматов,
Кыргыз Эл Жазуучусу,
Ленииндик сыйлыктын лауреаты,
Социалисттик Эмгектин
Баатыры, Кыргыз Эл баатыры.

Т 4702300100-16
921.51
ISBN 978-9967-471-06-1
7-4

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
УДК
ИНВ № ______ ББК 84 Ки

© Тиллебаев Э. 2016-ж.



## 550 ЖЫЛДЫ БАСКАН ГҮЛБААР

«Тарыхы болбой, эл болбойт» деген акылман сөздүн маани-маңызына терең акыл экчеген ыймандуу ар бир адам өзүнүн пенде болуп жаралганына, туулуп – өскөн жеринин, касиеттүү ата журту менен кереметтүү өлкөсүнүн бар экенине миң – миң ирет ыраазыланып, жаратканга шүгүр-чүлүк келтиргени өзгөчө ийги десе болот. Дал ошондой адамзат урпагынын алтын уясы – Ала-Тоо койнундагы асыл баалуу жерге, таза суулуу Ак-Бууранын бир ныптасы болгон аймак Араван районунун Гүлбаар айылы деп айтууга толук, далилдүү негиз бар экендиги айгине.

Абалтадан «ак алтындын» өрөөнү деп аталып келген берекелүү өрөөнүбүз да тарыхта өзүнүн айтылуу, айкын жолун басып өтүп, эмгектен ырыс-бакытын тапкан элибиз өткөн жылы анын даңазалуу 80 жылдыгын зор салтанат, шаң менен майрамдашты. Ушул майрамда райондогу сегиз айыл округунун катарында Керме – Тоо айыл округунун журту да бул тойго ынтымак – ырашкерлик менен катышты. Аталган улуу маарекеге кошулган ушул аймактын 550 жылдык жазма тарыхынын канчалаган түйшүктүү кылымдардын сыноосунан өтүп, сакталып колго тийип калгандыгы – гүлбаарлык журттун зор бактысы сыяктуу өзгөчөлөнүп, «Достук» гезитинин бир жылга жакынкы сандарында байма – бай жарыяланып, элге жеткирилип турулду.

Айтылуу гезитте жарыяланган санжыра-тарыхта жазылгандай, ошол кылымда бир атактуу байдын балдары атасына өткөргөн чоң аш-маарекесине бул Орто Азия элинен гана эмес, алтай, казак, каракалпак элинен бери келген коноктор катышышкан зор жыйынга туш келип калган Гүлбаар эненин аты ушул – Кудай жалгаган касиеттүү алтын талаабызга коюлуп калат турбайбы! Ушунун өзү тарыхтын алтын барактарына катталып кошула турган теңдешсиз табылга, маңдайга жазылган орошон оомат да, урматтуу гүлбаарлыктар!

Тарых – өсүү, өнүгүү, өзгөрүү процессинде болуп турган чындык, көрүнүш, адам коомунун өнүгүшү жөнүндөгү илим экен. Ошондуктан, «Тарых билген адамдар оболкулардын алын көргөн шекилдүү билет. Бир кез орунда отуруп алып, нече миң жашка чыккан адамдай билет. Тарых окубаган кимди билсин? Тарых окуучу эр замандын оболунан ушул убакытка чейин билет жана дастан кылат» - деп жазыптыр кыргыздын атактуу тарыхчысы Осмоналы Сыдык уулу. Ал эми адамзаттын акылманы, ааламга даңкы кеткен кыргыз эл жазуучусу, Эл Баатыры Чыңгыз Айтматов: «Жаңы миң жылдыктын башында Кыргызстандын тарыхы байыркы жана бүгүнкү этностордун турмушунун күкүмдөрүнөн, диний жана тарыхый эстеликтерден кайра түзүлүп жатат. Өзүнүн ата-бабасынын жеринде жашаган ар бир кыргыз өз жолун такай издеп келет жана көзү өтүп кеткен муундардын баалуулуктарына кайдыгер карай албайт» - деп айтыптыр. Ооба, ушул даанышман ойдун айланасында сөз болгондо биздин ырыскылуу элибиз жашап жаткан чөлкөмдүн тарыхынын табылгандыгы – кубанарлык, кол чабарлык улуу табылга экендиги талашсыз десек жарашчуудай.

Ооба, бул аймак оболку замандарда бир келки жаткан жер катары ээн – эркин болуп, бозоруп, кубарып, куурай, тикен баскан чөл катары экенин көркөм китептерден окуганыбыз бар. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки жылдарда Гүлбаар талаалары колхоздорго жайыт жер, кайрак эгилчүү, тоют үчүн чөп орулуучу аянттар катары бөлүштүрүлүп берилген экен. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында гана адамдар бул аймакка көчүп келе башташыптыр.

Гүлбаарга келгендердин алгачкыларынан Мамаев Эргеш, Ураимов Токсонбай, Токтосунов Бедел, Эшматов Жусубали, Төлөнбай, Сүйүнбай деген адамдар болушкан. Алар өтө эмгекчил инсандар катары жерди бат эле өздөштүрө башташып, суу чыгарып, бак эгип, эгин өстүрүүнү колго алышкан. Ошол жылдардан баштап, бул аймак колхоздорго жакшы киреше кошуп, элдин турмушу да оңоло баштаган.

Өткөн кылымдын 50-жылдарынан баштап Бирлик, Сталин атындагы, «Жаңы-Жол», «Коммунизм» колхоздору бул жерлердин чыныгы ээлеринен болуп калышты. Жыл өткөн сайын шарт, турмуш да өзгөрүп, Гүлбаарда «Ош» совхозу уюштурулуп, чарбалар аралык тоют даярдоо уюму да иш жүргүзгөн.



Ушул аралыкта Гүлбаарда аты далайга угулган эмгек азаматтары өсүп чыкты. Алардын катарында XXП партсъезд атындагы колхоздун жүгөрү өстүрүүчү бригадасынын бригадири Сүйүнбай Эшматов болуп, ак эмгегинен Мамлекеттик сыйлыктын ээси катары Москвадагы Бүткүл союздук эл чарба көргөзмөсүнөн жеңил машина алып, Ленин орденин тагынууга жетишти. Кийинки жылдарда эл ичинен Гүлбаарды башкарган татыктуу жаштар да өсүп чыгышты. Убагында совхозду Мамасаидов Мунасип башкарса, Эшматов Тавакал, Адашов Малик, Мурзаев Адылбек, Атабаев Ашим, Гулжигитов Сүйүнбайлар айыл өкмөткө төрага болуп, Чоңмурунов Абдрасул, Токтобаев Абдразак, Ахмадалиев Камилжандар райондук кызматкерлердин катарына кошулушту. Ал эми таанымал фермер Матисманов Муса аба Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек синирген кызматкер, бак өстүрүүнүн устаты катары дыйканчылыктан таанымал болду.

Эгемендүүлүктүн жылдарында айыл округунун элинин жашоо шарты, инфраструктурасы да өзгөрүп, бараандуу көрүнүштөр көргөндүн көңүлүн тойгузгудай жарашыкка бөлөндү.

Азыркы учурда Керме-Тоо айыл округунун жалпы жер аянты 29462 гектарды түзөт. Андан айыл чарбасына жарактуу аянт 7943 гектар, сугат-айдоо аянты 1303, кайрак жерлер-384, көп жылдык бак дарактар-244, жайыттар-5999 гектар, токойлуу аянт 1621, бадалдар - 472 гектар, жараксыз – тоо-таштагы жерлер 18749 гектарга жетет.

Дал ушул береке-байлыктан пайдаланган элдин саны 10962 адамга жетип, ушул бактылуу журттун жаштарынын жана жеткинчектеринин кызматында 6 мектеп иштеп жатат. Ушул жерде бир орундуу ойду айта кетүүнүн ыңгайы келип турат. Гүлбаар орто мектеби мурда ашар жолу менен курулгандыктан, кийинчерээк дубалдары урап, жараксыз болуп калган. Бул маселени Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаев өз көзөмөлүнө алып, 2015-жылдын 27-майында иш сапары менен келгенде, мектептин курулушун бүткөрүүгө сөз берген. Ошондон сон бул иш бир жылга жетпеген убакытта эле ийгиликтүү аткарылды. Эки кабаттуу 275

орундуу жаңы мектеп курулуп бүтүп, аны пайдаланууга берүү салтанаты жаңы жыл алдында болуп өттү. Бул алтын уянын ачылуусуна көп эл катышып, Кыргыз Республикасынын вице-премьер – министри Г.Кудайбердиева мектепке 2 компьютер жана башка баалуу белектерди тапшырып жатып:

Эркин жашап, бактылуу эл, адамдар,
Орундалсын алдыда зор максаттар,
Өлкөбүздө Эгемендик доорунда,
Өсүп чыксын Гүлбаар деген бир шаар!
Куттуу болсун, жаш муунга арналган
Алтын эшик ачкандыгың «Гүлбаар!» - деп жыйынтыктаганда, эл шатырата кол чаап турду…

Сөздү улантсак, азыр журттун ден соолугунун сакчылыгында үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 2 ФАП, кесиптик лицейдин филиалы, 4 китепкана, маданият үйү, байланыш бөлүмү, суу пайдалануучулардын ассоциациясы иштеп турат. Дене тарбияны өнүктүрүү багытындагы 3 спорт зал окуучулар менен жаштардын кызматында.

Арийне, ата-бабалардан келаткан диний иштерибизди жүргүзүүдө айылдардагы 13 мечиттин иштери жаштарыбыз менен карыяларды ынтымактуулукка жана ыймандуулукка тарбиялоодо оң натыйжа берип жатат. Ушул иштердин натыйжасы катары Меккеге зыяратка барып келген ажы ата – ажы энелердин саны 50гө жетип калгандыгы да кубанарлык.

Эми сөз соңунда айтарыбыз: «Ырыс алды – ынтымак» деп айтылгандай, эң оболу бир ата–эненин балдарындай ынтымак – ырашкерликте жашап, алтынга бергис абат жерибиздин береке – байлыгына тең ортоктош болуп, ааламда касиеттүү саналган Ала – Тоонун бир алтын бурчундай эсептелген кереметтүү жерди маңдай териңиздер менен гүлдөтүп-өнүктүрүп жаткан аракетиңиздер жемиштүү болсун! Кылымдар кыйырынан табылып калган айылыңыздардын тарыхый тагдыры быйылкы республикабыздагы «Тарых жана маданият» жылына шайкеш - мүдөөлөш айкашып келген 550 жылдык зор тарыхы бар аймактын асыл ээлери катары бактылуу өмүр сүрө бериңиздер, ардактуу гүлбаарлыктар!

**К.Г.АЙТИБАЕВ.**

Араван райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким



## Гүлбаар-Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны

### ТААНЫШУУ

Мен ал кезде Кыргыз Республикасынын Ош облустук "Ош жаңырыгы" гезитинде маданият бөлүмүнүн башчысы, тармактык редактор болуп иштеп жүргөн болчумун. Ошол учурдагы кызматтык командировка, турмуштук зарылдык менен кенчилердин тарыхый таанымал шаары Кызыл-Кыяга барып калдым. Бул мезгил жыйырманчы кылымдын токсонунчу жылдары эле. Адегенде шаардык "Мезгил жарчысы" гезитинин башкы редактору Токтосун Нурматов менен жолугуштум.

-Кел, замандашым, курсташым Эсеке! Куш келипсиң! - деп жадыраган маанайда учурашты редактор курсташ, кесиптешим.

Ошол арада биз олтурган бөлмөгө аста-секин, жай баскан, орто бойлуу, маанайы жаркын бир адам кирди. Каада боюнча жылуу саламдашып, кол алыштык.

-Бул адам биздин жоопту катчыбыз Кадырали Раев деген кесиптешибиз. Мен сага кат аркылуу ырларын жөнөткөндө, сен аны шарт, ыңгайы менен убагында гезитке чыгарганың эсте. Ошол калемдешибиз ушул инсан! - деди Токо.

-Э, жакшы, жакшы экен! Абдан кубанычтамын! - дедим кайрадан экөөбүз таанышканда.

Ошол жолугушууда Кадырали экөөбүз чыгармачыл жагдай, шарт, жаралган жакшы иштер жөнүндө ыгы, кезеги менен аңгемелештик, өтө элпек, дилгир, сылык-сыпаа, көптү окуп билген жан экенин бара-бара тааныша келгенде билдим.

-Эми, сизге өзүмдүн кийинки жаңы табылгам-"Айтемир баатыр же жазма санжыра" деген китебимдин бирине кол тамга жазып берейин!-деди Кадырали.

Ошондогу жаңы китебинин ак дилден тартуу эткен 2-бетинде:

"Кадырали Раев-айтылуу Апшыр-Атанын этегиндеги Кожо-Арык айылынын кулуну, журналист, педагог, акын. 1941-жылы туулган. Чарбада колхозчу, 1967-жылдан мугалим болуп иштеген. Жазган ырлары 1960-жылдан бери мезгилдүү басма сөздөрдө жана альманахтарда жарыяланып келүүдө.



Сүрөттө: (солдон) Кадыралы Раев, Эсен Тиллебаев

Мезгилинде Ноокат райондук "Колхозчу" (азыркы "Ноокат таңы") газетасында талантын өстүргөн. Ал Кызыл-Кыя шаардык "Мезгил жарчысы" газетасында редактордун орун басары, азыр жооптуу катчы болуп иштеп жатат. Ал жакынкы эле жылдардын ичинде бир топ жыйнактарды жаратты. "Апшыр-Ата шаркыратмасы", "Жийде бурак", "Шаркыратма", "Айтемир баатыр же жазма санжыра", "Кызыл-Кыя жүз жашта", "Фергана өрөөнүндө же Кызыл-Кыя", "Улук жердин урпактары" аттуу жыйнактары жарык көрдү.

Кадырали Раев Айтемир уруусунун кылымдарды карытып келген "Үй-бүлөлүк санжырасын" улантып, анын экинчи жолу өмүр сүрүшүнө изденүү менен аракет кылды. Ошондон "Айтемир баатыр же жазма санжыра" деген рисаланы (очеркти) жазды.

Үй-бүлөлүү. Аялы Тилла дабаасанада иштейт. Кызы Турсунай Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектепте окуйт" деп жазылган экен. Анан бара-бара экөөбүздүн ымала, мамилебиз жакшырып, ой-санаабыз айкалыша берип, анын маңдай тер менен маанилүү жана элибиз үчүн өтө орчундуу ой, омоктуу маселени камтыган эмгеги тууралуу, Ала-Тоолук журтубуздун тарыхынын актай бетине кымындай болсо да кошумча боло турган таберик иши жөнүндө ой калчоого ниеттендик.

-Бул мүдөөбүздү айтым - диалог түрүндө жүргүзсөк кандай дейсиз? - дедим.

Мейлиңиз! - деди Кадырали.

Автор. Эмгек тууралуу сөз баштоодон мурда анын негизги чордонунун себепчиси, санжыраны көп жыл бою сактап жүргөн кашкөй даанышмандардан азыркы жазууга өткөрүп баяндаган Мамашер Иметовдун бабалары тууралуу окурмандарга билдире кетсек?



К.Раев: - Эң туура болот.

Автор: - Анда баштадык.

К.Раев. Тема:Санжыра таржымалы.

"Урматтуу окурман! Эң биринчи сиздерге ушул санжыранын келип чыгышын же тарыхын баяндап берейин. Айтемирден тараган Кара-Козунун мыкты уулдары Муратов Доорук, Молдо Курбан Ташжанов 1949-жылы Канабадда (Өзбекстандын азыркы "Совет-Абад" шаарына жакын жерде) турган туугандарынан (Кара-Козулар) кабар алганы барып калышат. Ошондо атагы алыска кеткен, теги Айтемирден таркаган чоң молдо Нияз ата: "Карыдым, арыдым, жашым бир топко барып калды. Илимиңер бар экен. Сактай жүргөн аманатым бар эле. Аны силерге тапшырып койсом?-деп, чоң түрмөктөлгөн кагазды шыптан алат.

-"Бул биздин гана эмес, бүткүл ичкилик кыргыздардын тарыхы!"-деп тапшырган экен. Бирок, ал киши санжыраны берээрден мурда төмөнкүдөй шарт коёт.

-"Эл-журттун арасында аброю бар аксакалдарды, билими бар жаштарды топтоп, окуп жарыя кылгыла. Андан кийин араб жазуусунан орус алфавитине өткөрүп көбөйткүлө. Ишеничтүү адамдарга таркаткыла!" - дептир. Молдо Нияздын уулу Абдыгапар азыр Совет-Абадда жашайт.

Ошентип, биринчи шарт аткарылат. Ал эми экинчи шартка келгенде эмне үчүндүр иш жүрүшпөй, кат белгилүү себептер менен ашкере таратылбай калат. Ачыгын айтканда ал мезгилдин өзү катаал учур эле.

- Туурасы: жети атаң эмес, өз атаңдын ким болгондугун айтуу да кыйын болгон кезендер өткөн, - дейт Мамашер Иметов.

Чоң атам Муратов Доорuktун айтуусу боюнча санжыра жалгыз эле Айтемир уруусу жөнүндө эмес, бүткүл ичкиликтер тууралуу жазылган. Согуштан кийин репрессиянын толкуну жүрүп тургандыктан, таркаткандан айбыгып, Кара-Козунун гана санжырасын үч дептерге көчүртүп жаздырат. Ал эми арап жазуусундагы түп нускасы молдо Курбанда калган дейт. Муну даректеп, кийин Ленинграддан этнографтар келишип, Доорук чоң атамдан сурашканда "жок" деп бербей койгон экен. Мен дагы санжырадан кулакдар болуп, бир нече жолу чоң атам Доорuktан сурагам, "жок" деп койгон. Бирок, мезгили келип, 1985-жылдан кийинки айкындыктын таасири, шарапаты менен Доорук чоң атам көз жумаардан мурда санжыра менен тааныштырды.

Көзү өткөндөн кийин (1991-жылдын 21-октябры) бир топ иштерди жүргүздүм. Угуп келип сурагандарга жазып бердим.Тилекке каршы, кээ бирлери тескери кабыл алгандыктарынан улам, жайылтуу маселеси бир топ убакка чейин токтоп калды. Анткени, алардын көбү санжырага толук ишенбеди, күмөнсүп, шектенип, кайдыгер болушту. Ошондо мен төмөнкү ой-пикир, таасын далилдерди алардын эсине салдым.

"Жакшыбы, жаманбы, калппы, чынбы, ар бир элдин өзүнө гана таандык тарыхы болот. Ошондуктан, анын жакшысын көтөрө чаап, жаманын жашыруу же түрдүү косметикалык боёп-түзөөдөн, жамап-жаскоодон өткөрүү адамзаттын коому алдындагы кечиримсиз күнөө. Анткени, ар бир муун өз түпкү тарыхын өзгө элдердин өсүп-өнүккөн, басандаган учурларын же ага эбепке-себепчи болгон эчендеген окуяларды салыштыра келип, эртеңкисине багыт алат".

(Чыңгыз Айтматов).

"Сага айтар сыр бар дейт, чөптөр бойго асылып,
Өткөн күндүн бүт белгиси жатат кумга басылып.
Кум астынан ата-бабаң кулак төшөп, туят бу,
Сенин ар бир кыймылыңды тыңшап жаткан сыяктуу!

*(Мухтар Шаханов).*

Анан учуру да келип, 1993-жылдын 14-ноябрында Ош радиосу боюнча "Эл ичи - өнөр кенчи" деген берүүгө катышып, Айтемир уруусунун санжырасын кыскача айтып өттүм.

Демек, Кудай буйруп, насип болсо санжыранын кыскача мазмуну менен таанышып өтөсүздөр.



## Темир уулу Мамашер Иметов

**(25.09.96-жыл.)**



**Сүрөттө: Мамашер Иметов**

**Автор.** -Эми ушул аралыкта Мамашер Иметов жөнүндөгү ойду да кыстара кетсек?

**К. Раев.** -Макул. Ошентип, ичкилик уруулары жөнүндө жана Айтемир баатыр туурасында толук маалымат алуу үчүн санжырачы Мамашер Иметовго кайрылабыз. Ал 1954-жылы Кызыл-Кыя шаарынын Кара-Көзү шаарчасында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Азыр да ошол жерде жашайт. Жогорку билимдүү. Чындыкты сүйгөн, ак пейил, чечкиндүү инсан. Айтемир уруусунун санжырасынын үстүндө жыйырма жылдан бери изденип келе жатат экен. Ошон үчүн суроо менен кайрылган кишини кайдыгер калтырбайт. Мындай дегеним - санжыра кандай тилде, кайсыл арипте жазылбасын, аны өздөштүрүүгө жөндөмү чоң. Бул үчүн чаалыкпай эмгектенгендиги айткан сөздөрүнөн байкалып турат. Кала берсе, азыр араб тилин өз бетинче үйрөнүп аткандыгы кубанарлык.

-Бирок, санжыра элдики, - дейт Мамашер. - Аны элге толук жеткирүү зарыл. Бир четин көрсөтүп коюп, көпчүлүктүн кызыгууларын күчөтүп, тынчсыздандырып, күттүрүп, андан ары жашыруу түк эле мүмкүн эмес дейм. Журт Айтемир баатыр ким болгондугун, анын дагы кандай эрдиктерди жасагандыгын билгиси келет. Ошого жараша аны ого бетер туу тутуп, сыймыктанып, ошондон улам Айтемир баатыр туурасындагы маалыматтар калкка канчалык эрте жеткенде, эмдигиче тарыхтан өз ордун таап, коомчулуктун терең колдоосуна алынып, бийликтин башчылары буга көңүл бурушуп, колдошмок деген ойго келесин. Азыр да кеч эмес. Бул санжыра ошончо жылдан бери көмүскөдө келген. Айтемир баатырдын эрдигин мындан ары

эли-журту унутпаса деген үмүттөмүн! - деп нуска оюн айтты Мамашер.

-Рахмат, Мамашер! Ата-бабалардын сырдуу сактап келген баа жеткис мурасын акыры келип жарыялоо бактысына ээ болушуң кут болсун! - дедим мен да толкундана калып.

-Тарых үй-бүлөдөн башталат. Мен айткан Айтемир уруусунун 1200 жылдык окуяны ичине сыйдырган 600 жыл илгери - ошол кездеги кагазга, ошондогу сыя менен жазылган, бабалар акылдуулук кылып калтырган, өзүңүз айткан "үй-бүлөлүк" санжыраны башат же негиз кылып түзгөн кол жазмаңыз дүйнөлүк тарыхка бир тамчы болсо да кошулуп, башыңызга бакыт кушун кондурсун! - деп сөзүн жыйынтыктады Мамашер.

Ошондо менин алдымда бүткүл туруш-турпаты акыл-эстен бүткөн, алтындай асыл жигит жүрөгүндөгү уюган сырын жашырбай төгүп жатканда төбөм көккө жетип, өзүмө сыйбай ыраазы болдум. Анткени, миң жылдарды ичине камтыган Айтемир уруусунун "үй-бүлөлүк санжырасына" экинчи өмүр улап, "үй-бүлөлүк" эмес, "дүйнөлүк санжырага" которуу демилгеси мага канат байлагандай көкөлөтүп турду.

Сөз ушул багытта болсун. Айтемир уруусунун жалгыз-чокон нускадагы жазма санжырасы бизге жетип олтургандыгы чоң бакыт. Аны ушул күнгө чейин аздектеп-таспиеттеп жеткирүү үчүн ата-бабаларыбыз эчен азап-тозокторду башынан кечирбеди дейсиз. Анын изин жашыруу үчүн эли-жеринен кетип, дарегин жашырып, кээде кан-жанын аябай күрөшүп, бөтөн жерде түтүн булатып, азып-тозуп жашап калгандай. Анткени санжыра ачык маалым болгонго чейин Айтемир баатырдын "Ындыстан" деген уулу "дарексиз жоголгон", "урук жок", "эч ким билбейт" деп айтылып келген болучу. Эми дареги билинип, сүйүнтүп олтурат. Уккандар боор тартып, жүз көрүшүүгө ынтызарланышат. Кала берсе, айтылып келинген төрт уулу эмес, беш уулу болгондугу санжырадан (Мамашердин айтымында) билинди.

Кыязы, Айтемирдин атасы Бөжөн Жоро агасынын (мен ушинтип атадым) "Сыр сактоо" боюнча керээзи кыраакылык, кылдаттык жана өтө сактык, туруктуулук менен укумдан-тукумга



өтүп сакталып келгендей. "Өлгөнбү?", тирүүбү, ким билет?" - делинип келинген "Ындыстан" тирүү эле Жети-Өгүздөгү Чычкан айылында (Молдо Таштандын билдирүүсүндө) жүрүп, тукуму өсүп, санжыраны канатына катып, жашырып-сактап, кээ кокустук кырдаал болгондо туштуктөгү бир туугандарына тез алып-учуп жеткирип жүргөн шекилдүү. Ошентсе да санжыра колдон-колго өтүп, жоголбой жүргөндүгүнө көзү жеткендер ошончо жылдар бою артынан сая түшүп жүрүптүр.

"Санжырага өтө этият, кылдат мамиледе болушсун, шек келтиришпесин, ыйык тутсун. Качан гана Айтемирден таркагандар өсүп-өнгөндө ашкере билдирилсин" деген эскертүү талап бүгүн эгемендиктин улуу шарапатынын нуру астында турмушка ашырылып олтурат. Бул-элдин чемсиз ооматы.

**Автор.** -Анда сөз кезеги сизде, Кадырали.

**К. Раев.** -Тарыхта жазылып келе жаткандай, бабабыз Түркмөн баатыр атагы ааламга, кызматы кылымдарга кеткен Чыңгыз хандын улуу баласы Жоочунун бешинчи баласы Шейбаниден таркаган Өзбек хандын тукуму экен.

Жоочу хандын 40 баласы, 17 кызы болгон. Өзбек хан 1342-жылы Крымда дүйнөдөн өткөн. Өзбек хандын тукуму Мухаммед Шейбани хан Самарканд жана Бухара шаарларын басып алган.

Азыркы Кара-Калпакстандагы, Самарканддагы, Жиззактагы (көпчүлүгү тейиттер) кыргыздар ошол доордон бери эне тилин, улутун сактап келатышат.

Ал эми жогоруда айтылгандай, Мухаммед Шейбани хан Хорасан, Герат жерлерин 15-кылымда Иран мамлекетинен тартып алат.Өзбек хандан таркаган Абулхаир хан, анын тукуму болгон Түркмөн баатырдан (1313-жыл) Төлө датка, андан Абдулла кушбеги төрөлөт. Төлө датка Бухара, Хива хандыгына кызмат кылат. Датка хан тарабынан шайланган. Датка элден түшкөн даттануулары, арыздарды ханга билдирип, анын ээлерине оозеки же жазуу түрүндө жообун кайтарып турган. Кушбеги – хандардын аң уулоо, куш салуу салтанатын уюштуруучу ордо кызматкерлеринин башчысы дегенди туюндурат.

Абдулла Кушбегинин баласы Бодон чара (Бөжөн Жоро) агасынын элге кылган кызматы чоң, акылына, кең пейилдигине жараша ар дайым элдин камында болгондуктан, ага "Элдин агасы, журттун агасы" деген мартаба ыйгарылган.

## СОҢКУ КЕРЭЭЗ

Күндөрдүн биринде Самарканд шаарынын борбордук көчөлөрүнүн биринин оң жагында жети-сегиз адам алды- кийин жай басып келатышты. Алды жакта узун бойлуу, саңсаң жакалуу ичикти жарашыктуу кийинген, сөөлөттүү, бүркүт тумшук, аста-секин, каада менен баскан бирөө баратты. Анын артынан ак чалмасын өз тартип-эрежеси менен чалынган, колундагы аса таякты тыкылдата таянган киши- шаардын казысы аталган, шаар калкы жакшы билген жан,өзүнүн катчысы, дагы башка кызматкерлери менен эле.

-Урматтуу ханзаадам, ушул барышыбызда сиздин айыпкерлерге карата калыс айткан пикириңизди өздөрүнө ашкере-ачык айтып, түшүндүрүп билдирип койсок, кандай дейсиз, таксыр?-деди алдыдагы адамдын артынан жете келип, ызаттуулук менен кайрылган казы.

-Мейлиңиз, казы, бул сиздинда ишиңиздин, элге боор тарткандыгыңыздын бир нышаанасы болор деймˀ?

-Туура айтасыз, урматтуум! Ошенткенибиз оң, туура айтасыз, улугум!-деди шашыбыраак сүйлөгөн казы.

Анан алар маңдайкы кең аянттан орун алган жерге келишкенде, көп адамдар жабыла орундарынан турушуп, келгендерге бел ийип, эңкее беришкен тейде жапырт салам айтышты.

-Ассалоому алейкум, урматтуу ханзаадабыз, кадырман казыбыз!-дешти дүркүрөй түшкөн көпчүлүк.

-Ва алейки мус салоом! - деди казы, алардын саламына жооп кайтарып. Анан аларга кайрыла, өз оюн айтты.

-Биз мына бул жасалгалуу сөрүдө олтуруп, сиздердин бүгүнкү тагдыр маселеңиздер тууралуу ой-өкүм билдирсек, кандай дейсиздер, момун мусулмандар? - деди сергектик менен аларга көз салып.

-Ылайым, бар болуңуздар, урматтуу таксырлар! Өзүңүздөргө мээримдүүлүктү берсин Кудай, ардактуулар! - деди, асты жакта турган топтон илгери чыга берген, орто жаштагы бир адам, беркилерге жүгүнө берген тариздe.

-Эми негизги мүдөөбүз бул, - деди казы. Өз айылынан 6 ноопазды уурдаган төрт адамды биз үч жыл зынданга салынсын дегенбиз. Ал эми үч талактан кийинки адалдоо (халалла) деген эреже боюнча бир аптадан өткөрбөй талак бербей жүргөнгө бир жыл зындан, коңшуларын бейкүнөө азаптаган зөөкүргө 2 жыл, ата-энесин карабай кеткен кайрымсызга 2 жыл, дагы башка айыптууларга 100дөн балак урулсун деп чыгарган өкүмүбүзгө, мына силердин тарапта болуп, өзүнүн пикир-оюн бөлгөн калыс ханзаадабыз Бөжөн Жоро ага менен кайра кеңешип, азыр силерге айткан зындан, балак уруу айыбын жарым-жартылай же үчтөн бирге кыскарттык, азиз мусулмандар!-деди.

-Ардактуу ханзаадабызга ырахмат! Бар болуңуз! Улукман ханзаадабыз! Биз сизге узун өмүр, асыл инсандык зор касиет тилейбиз, Бөжөн жоро агабыз! Анан сиз да аман болуңуз, урматтуу казыбыз! - деди чуркурабай, тынч, тартиптүү отургандардын арасынан анчалык шашпайыраак, токтоо сүйлөөгө адаттанган адам.

Андан соң, жайма-жай сүйлөгөн ханзаада Бодон Чара (Бөжөн Жоро) мындай деди:

-Хандыгыбыздын борбору - Самарканд шаарындагы азиздерим! Алла Таала баарыбызга өмүр, ырыскы бергенде ынсапты да кошо берген. Бул жашоо - убактылуу эле көрүнүш экен. Ошон үчүн өмүрдө ак ниет, жумшак сөз, ак көңүл, кайрымдуу, мээримдүү болгула баарыңар! Күнөөдөн алыс, жакшылыкка жакын жүргүлө! Кудай "ынсаптууга зор ырыскы, насип буюрамын" дептир. Ошондуктан, "Ырыс алды -ынтымак" дегендей тилек менен аруу жашагыла! - деди көпчүлүккө.

- Миң ирет сизге ыракмат! Узак жашаңыз, урматтуу ханзаадабыз! - дешти майданда тик турган аламан.

Ошондон соң эртең мененки жыйын таркады. Бардыгы өз жолу, тартип, адаты менен жөнөй берди. Ушул көрүнүштөн улам элде айтылган мына бул айкын пикир эске түшөт: "Абдулла Кушбегинин баласы Бөжөн Жоро журтка кызматы чоң болгондуктан, акылы зиректигинен, ар дайым калктын камында, ага талапкер болгонунан улам "Эл агасы", "Журттун агасы" деген мартабага жетип ушул сыймыкка ээ болгон".

Ошол жыйындан кайткан соң, Бөжөн Жоро агасы өзүнчө ичинен: "Менин ханзаада экендигим белгилүү. Бул жакшы оомат бардыгына эле келе бербейт. "Оболу кудай берет" дейт калкыбыздагы акылмандар. Жакында дөөлөтүбүздө хан шайлоо болот эмеспи. Ушуга мен да катышып, ат салышайын. Маңдайга жазылганын көрөөрмүн. Тобокел, Алла колдосун, ылайым!" - деген ойго келет. Бул анын дилиндеги чокон, жашырын жеке ой, эңсеген мүдөөсү эле. Ушул жападан-жалгыз сыр түйүнүн өмүрлөшү Гүлбаар менен гана кеңешип, чечмекчи болот.

-Кымбаттуу өмүрлөшүм, балдар, кыздарымдын энеси-Гүлбаарым! Менин сага айтар жалгыз оюм - жакындагы хан шайлоого катышсам деймн. Эгерде кокус ишим оңунан чыкпай калчу болсо, балдарды сакта. Ошко - төркүнүңө эптеп-септеп алып кач, өтө этиятта. Эгерде кимдир бирөөлөр булардын хандын тукуму экенин билишсе, силерди куугуп жүрүп, балдардын көзүн тазалап коюшат. Ошондуктан, атасы кимдигин айтпай, кулдун балдары деп кой. Артымда урук-туяк калсын. Бирок, хан тактысы - бирөө, талашкан мураскорлор көп. Ачыгын айтсам миң. Бардыгы тең өзүбүздүн тууган-урук, жек-жааттар, уктуңбу?-дейт.

-Балдардын ардактуу атасы, "журтубуздун кадырман агасы", эми айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле" дегендей, бир суроом бар. Ушуга жооп айтып бере аласызбы? - деди эне өмүрлөшүнө үмүттүү үрөйдө.

-Албетте, айта бер суроонду?

-Биз экөөбүздүн турмушта бирге жашап, баш кошкондугубузга кандай шарт, себептер болгон?

-Туура айтасың. Ээ, бул өтө узак сөз өзү. Муну терең билбесең болбойт. Ырас, анын чындыгын балдарга да аныктап-



таамай айтып коюуң парз. Анда оюмду ынтаа коюп угуп ал. Бул элибиздин тарыхында болгон олуттуу, өзгөчө окуя. Адамзат башынан не каргашалуу, каардуу кылымдарды өткөрбөгөн.

**Автор.** (Каармандардын тагдырларына айкашкан даана далили бар үчүн (шарттуу түрдө) тарыхый бир айкын мисалды кошуп маалымдасак).

"Түрктөрдүн, анын ичинен кыргыздардын келип чыгышын көп жылдардан бери изилдеп келе жаткан Орозбек Айтымбетов Чыңгыз хандын тукумдары - насили кыргыз экендигин орчундуу фактылар менен далилдеген. Биздин эранын 93-жылдагы Кытай менен сянбилик могулдардын биргелешкен колунан хундардын талкаланып, 200 000 үй-бүлөнүн көчүрүлүп кетиши менен ошол элдин жана жердин атын азыркыдай Нарындык, Таластык, Оштук дегендей эле кабыл алып калган. Бирок өздөрүнүн тилин арадан 1000 жылдан ашыгыраак мезгил өтсө да сактап калгандай. Анткени, түрк уруулары менен сянбилик Чыңгыз хандын түрктөрү тилмечсиз бири-бири менен ээн-эркин мамиле жасаганы белгилүү.

Эгерде биз Чыңгыз хандын түпкү уруусун изилдесек, кыргыз ичиндеги чоң Кыятка кошулат да, бул уруу кан Кошойдун жан Катаганы менен тутумдаш, өзөктөш. Ошол үчүн асли түбү нарындык Тарагай бектин уулу Темир аксактын 8-атасы Көч уулу менен Чыңгыздын үчүнчү атасы Кабыл жөн эле жерден эгиз болуп калбайт да!"
(Абдылда Капаров. "Супатай баатыр". "Ош жаңырыгы", 21-октябрь, 2000-жыл.)

Дал ушул пикирдин учугун улап, буга ширештирип, кынаптап, кыстарып, бир ойду айта кетүүнүн ылайыктуу бир удулу, орду келип турат сыягы. Анда сөздү жылдыра берсек.

-Тарыхтардан, санжыралардан омоктуу орун ээлеп, таасирдүү, зобололуу күч болуп келген Чыңгызхан жөнүндөгү оюңузду сиз да айта кетсеңиз, Кадырали?

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 478133



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук ...
АБОНЕМЕНТ

### «ЧЫҢГЫЗХАН КЫРГЫЗБЫ?»

**К.Раев.** Уккан кулак кызыды. Айтемир уруусунун теги «Чыңгызхан» экен деп,эл арасына сөз шамалдай тарады.

- Чыңгызхандын түпкү- энеси Алангу беш баласынын экөөн моңголдон, үчөөн түн ичинде жарыктын шооласы менен кошо түшүп келген сары кишиден төрөгөнү белгилүү. Чыңгызхандын уругу Алангунун кичүү уулу Бодончардан башталат... Алангу өзүнүн кичүү уулун кыргыздан деген божомолду Березин өткөн кылымда эле айтып кеткен. Бул пикирди моңгол-кытай тарыхын жакшы билген немец окумуштуусу П. Рачневский (ГДР) да ырастап олтурат. Ал Алангунун үйүндөгү жалгыз эркек Малик Баяудецти Чыңгызхандын бабасы Бодончаардын атасы түрк болгон деп эсептейт» - деп жазган К.Кычанов, Т.Бейшеналиев «Юань-Мин доорундагы кыргыздар» деген эмгегинде. («Ала-Тоо» «№7.1990-жыл).

**Автор:** Эми мурдагы баянга кошумча (кийинки) бир пикирди окурманга айталы.

Белгилүү санжырачы Сыргакбек Сооронбековдун айтуусунда "Кыргыздын келип чыгышы" - деген эмгекте: «Мен бүгүн бир суроого көңүл бурууга чакырат элем, - дейт С.Сооронбеков, өз сөзүндө. Келечекте Абулгазы Бахадурхан Мухаммадинден калган санжыранын Чыңгызхандын келип чыгышы тууралуу бөлүгү таралса, бул маалымат дүйнөнү дүңгүрөтөр беле? Буга болгону Чыңгызхан, Темирлан жана Эдигехан тууралуу моңгол жана кытай маалыматтарын карап чыгуу керек.

Абулгазы Бахадур хан Араб Мухаммединдин санжырасы боюнча, орто эсеп менен IX кылымдарда Энесай кыргыздарынын арасында Малик баатыр деген кыраан жигит жашаган экен. Бир күнү ошол баатыр, кайсыл бир оюнда теңтайлашып жаткан уруулаш жигитти катуу жарадар кылып алат. Өз тукумунан чыккан адамга оңолгус залал келтирип алганына өкүнгөн баатыр, уятына чыдабай, элден - журттан бөлүнүп кетип калат. Ошол убакта



отуздарга чыгып калган моңгол ханы Дайын Баян көз жумуп, ордуна моңгол элин аялы Алангу бийлеп калган болот.

Уламышка караганда, Малик менен Алангу бир-бирин сүйүп калышат. Бирок алардын эл алдына чыгып жашоосуна шарт жок эле. Буга себеп Маликтин бөлөк элдин уулу болгондугу болчу. Бирок, ошого карабай алар 3 уулдуу болушат жана качан гана 3-уулу көз жарганда эл алдына ачыкка чыгышат. Анткени менен алардын жашырын жашоосу эбак эле көпчүлүккө маалым болгон эле. Ал мезгилге чейин Малик моңголдордун арасында кадыр-баркка ээ болуп калган. Жергиликтүү калк аны «Малик кыргыз» деп аташчу. Ошентип эл алдына жүзүн ачкан Малик менен Алангу кичүү уулу Бууданчаар апасы тарабынан хандыкка мураскер болуп, моңгол элине хан аталат.

Маликтин тукуму ошол бойдон хан, баатыр болуп жүрүп отурду жана дүйнөнүн жарымын тизе бүктүрүп, баш ийдирүүгө да жетишти. Алардын тарыхын төмөнкүчө тизмектей кетсек: Малик кыргыздан Бууданчаар, Бууданчаардан Токо, Токодон Дөөтман, Дөөтмандан Хайдухан, Хайдухандан Байшумкар, Байшумкардан Түмөнкан, Түмөнкандан 9 уул калган. Анын 6 уулу белгилүү Кабылхандан Бартан баатыр төрөлөт. Бартан баатырдан Эсегей (Эсүгей) жана Эсегейден Чыңгызхан туулган.

Ал эми Малик кыргыздын алтынчы тукуму Түмөнхандын уулу Кажуулуга кайрыла кетсек, Кажуулу менен Кабылхан эгиз бир туугандар болгон. Ошол Кажуулудан Барлас, Барластан Эрмеш, Эрмештен Тарагай баатыр, Тарагай баатырдан Амир Темир туулган. Амир Темирдин уулу Имраншах, Имраншахтан Омаршейх, Омаршейхтен Бабур төрөлгөн. Ошентип кадимки бир кезде Индияны бийлеген Захреддин Бабурдун түбү да барып-барып кыргызга такалат»-деп жазган Сыргак Осмонбеков. («Кабар инфо» гезити. 17-февраль, 2014-жыл).

**Автор:** -Сиз бул тууралуу кандай ойдосуз?

**К.Раев.** –Тарых - нукура чындыктын өзү, курч куралы, карыкпас күчтүү көзү. Андыктан, «Айтемир уруусу «моңголбу?» деген пикирде калыс болгон абзел. Анткени, Айтемир уруусу эми Чыңгызхан уруусу болобу, баары бир теги кыргыз экендигин

түшүнөт. «Биз кыргызбыз» деген рухий – дух менен жашап жатат, жашай берет…

Ошентип «Дүйнөнү дүңгүрөткөн Чыңгызхан кыргыз болгон» деген китепче 2015-жылы «Турар» басмаканасынан 1000 нускада чыгып, элге тарады. Бул келечекте жазылуучу көлөмдүү эмгектин башталышы гана» – деп жазыптыр Бегиш Ааматов – леген-дарлуу парламенттин экс-депутаты, коомдук ишмер, тарых изилдөөчү. («Кабар инфо» гезити, 2016-жыл 2-апрель.)

**Автор:** - Өзбек хан тууралуу да оюнуз барбы?

**К.Раев.** -Ооба. Айта турган болсок, санжырачы М. Иметов-дун: «Ал эми ушул Көк-Ордонун букаралары тейит, кыпчак, найман, канды, керей, аргын жана башкалар «өзбектер» деп хандын наамында аталып калды» - деп айтканына карап, «азыркы өзбек урууларынын тарыхы Өзбекхандан башталганбы?» деген суроо пайда болот.

Буга өзбек элинин залкар жазуучусу П. Кадыров «Юлдузли тунлар» («Жылдыздуу түндөр») аттуу тарыхый романында ачык түшүнүк берет. Ошол диалогдон мисал келтирейин.

«…Өзбек деген ысым түрк калктарына Өзбекхандан бир нече жүз жыл илгери эле пайда болгон. Мен Хорезмде өскөнмүн. Байыркы китептерди окуганымда, Чыңгызхандан мурда да шах болгон Хорезм шах Мухаммад - өз уулдарынын бирине Өзбек деп ат койгон экен. Ушундан улам бул наам (ысым) жергебизге Чыңгыз хан келбестен илгери эле маалым болгон. Өзбек наамды биздин түрк уруктарынан алган» дейт романдын каарманы, «Шейбаний наама» китебинин автору, акын Мухаммад Салих.

«Орто кылымда Шейбаниддердин укум-тукуму ордо көтөргөн аймак өзбек журтунун эмес, ошол сыяктуу курама, мангыт, жүз, лолы уруулары менен бухара еврейлеринин да өсүп өркүндөгөн өнүгүү борборуна айланды» - деп жазган атактуу казак акыны Мухтар Шаханов…

**Автор.** Сөз кезегин кайра Бөжөн жоро алып, өз оюн илгерилетти.

-Түрк урууларынын арасында барып калган элдин ичинде сенин ата-бабаларыңдын уруктары жер оошуп келип калган го



сыягы деген ой бар. Тагдырдын буйругу менен экөөбүздүн баш кошуп калгандыгыбыз ошол тарыхыбыздагы журттун тагдыры менен байланышкан, кымбаттуум. Ошондуктан, "Кудай кошкон куда болот" дегендей, ата-энелерибиз экөөбүздү баш коштургандыктарына жаратканга ичимен миң мертебе ыраазы болом! Өзүмдүн ханзаадалыгым тууралуу болсо, элге маалым кабарды эле айтайын. Түпкү бабабыз Бодончар хан, Чыңгызхан, Жоочу хандан Бодон чаар агасы (мына менмин) эми менин балдарым Айтемир, Каракунас, Учар, кызым Канышайлар, аман жүрүшүп, атымды элге - кайын журтума, сенин ата-журтуңа, өздөрүнүн тага журтуна зор мээрим, сүйүүлөрү менен даңазалашсын, бар болушсун! Оомиин! – деп ак батасын берди.

Ошол ич ара, тымызын-жашыруун кеңешүүдөн соң көп мезгил өтпөй эле Бөжөн Жоро агасы так талашта курман болот. Аялы Гүлбаар балдарды - Айтемирди, Каракунасты, Учарды, кызы Канышайды ээрчитип, Самарканд, Бухара тараптан Памир, Алайтоолорун көздөй качырып жөнөйт.

## АЧ БЕЛ, АРА ЖОЛДО

Арийне, "жол азабы - гөр азабы, алыс жолго чыксаң, барымтасыз байкуш, муңдуу мусапыр болуп каласың" деген накыл сөздүн чыныгы маңыз-маанисин бейкүнөө мусапырлар өз баштарынан алгачкы жолу өткөрүштү. Кыш суугу, ызгаардуу аба ырайы, көз жетпестей асман тиреп, сырдуу бир көрүнүштө күңгүрөнө ыксыраган тоолорду өрдөп, ейдө-ылдыйында баскандыктан, азаптуу жылга-жыбыт, адыр-белдерде ач калып, азып-тозуп, суусап-чаңкаган бешөө бири-бирин жетелей, сүрөмөлөй эш болушуп, ач бел, ара жолдун азабын чегип, нымтырай кыбырап, теңселе басышып, куп эле жол азабын көрүштү. Ичтеринен өксүп-какшаган абалда бири-бирин аёолоп кароого астыртан түртүлүштү.

-Э балапандарым, эми ушундай катаал күн, татаал шартты Кудай биздин башыбызга салды бейм. Эптеп чыдайлы, кымбаттууларым. Муңкүрөп жүдөбөй, бириңе-бириң өбөк-жөлөк

болгула! - деди Гүлбаар эне, жол машакатын тарткан перзенттерине кайрат айтып, шерденте эштентип.

-Эне, курсагым ачты! деди Канышай бир убакта, кургай түшкөн эрдин кыбырата араң тамшанып.

-Кубатым, мына! Ушул эң акыркы сындырымыбыз экен. Биртиштемден бөлүшөлү. Сабырдуу болгулачы, ылайым! - деп ал бир тиштем насипти аз-аз тиешеден бөлүштүрдү.

-Бул эмне болот мага?-деди Учар, тамшана сүйлөй берип.

-Балдарым? "Бир мейизди кырк адам бөлүштүрүптүр" деген сөз бар. Жакынкы күндөрдө бир оокаттуу айылга жакындасак, барып, нанбы, курутпу сатып алабыз, ананайындарым!-деди ушул шарт, абалга өзүнчө боору эзилетүшкөн Гүлбаар эне.

Аңгыча алар турган жерге капыстан тарс-турс, шатыр-шутур эткен дабыш менен коркунучтуу түр, эс чыгарган сүр менен эки-үч бейтааныш, чоочун адам чыга түштү.

-Эмнени бөлүшө албай турасыңар?! Бери чыгаргыла! Ошонунардын баарын! Мына биз алабыз ошолорду! - деди олбурлуу, өңү түктөйгөн, көздөрү чакыйган, муруттары дирилдеген бирөөсү, оройлоно такылдап.

-Жок, жок, абасы, кечиресиздер, бизде андай ашыкча буюм-терим менен нан туз, азык деле жок эле. Биз мусапырча, тек гана өзүбүзчө кеңештик! - деп эне аларды жалдырай тиктегенде, колу-буттары калтырап, өңү бозоруп-кубара түштү.

-Көп сүйлөбөй, чыгар бар нерселериңди. Эмесе, баарыңарды ушул жерге жапшыра-жапшыра муштап, кете беребиз! Биз деген кимбиз?! Ээн жердин бөрүсүбүз!-деди.

-"Каарду каракчылар" дешет бизди көргөн-уккандар!-деди сурдана албууттанган экинчиси.

-Айланайын мусулман агалар-инилер? Ырайым кылгыла. мына бул алсыз мусапыр-жетимдерге? Акыл-эсиңиздер менен бир жолу боор оорутуңуздарчы? Силердин да ушундай балаңар бардыр, кудай сыйлагыр боордоштор? Эгерде макул десеңиздер, көнсөңүздөр, ушуларга өлбөстүн күнүн көрсүн деген, байкуштарга сактаган нанга деген пиче берeсебиз бар. Ырайым этип, ушуну алгыла, азиз кандаштар? - деп, эне чөнтөгүнөн бир-эки жылтыраган нерсени алып сунду.

-И-и, баса, буларды жетимдер дейсиң? Кандай жетимдер буларың? Дагы байлардын балдары болсо биз буларды бирөөгө күңжүм сатып өткөрүп, акысына арбын акча алабыз, билдиңби, ыя?! - деди булардын башчысыбы, одоно, орой, өктөм, дөгүрсүй сүйлөгөн, узун бойлуу кара мурутчаны.

-Жок, жок, кокуй! Булар мендей эле же ити жок, кечөдө жүргөн бир кара кулдай балдарым болот, садагалар! Атасы өлгөнүнө бир жыл болуп калды. Мен булардын энеси - жесирмин, ырасында. "Багар-көрөрү жоктуктан бөөдө өлүп калышпасын" деп, төркүнүмө Ош деген жерге алпаратам, кагылайындар? Бизге ырайым эткиле, садагалар? Эптеп, көздөрү бар, тирүүсүндө буларды таякелерине жеткирейин деп, минтип, боздоп-какшап келатабыз, айланайындар!

-Мындай дебейсиңби! Анда ушул жетимдерди аягандыктан, туура ойду билдирип, чындыкты айталы. Баргыла эмесе! - деп үчөө эненин колундагыны алып, жакынкы жол жакка кол нускап, жетектеп коюшту.

-Мына бул жылгадан өтүп, аркысына чыксаңар, сокмо жол бар, ошону менен кеткиле, ооматтуу жетимдер экенсиңер. Эми силерди биздин адамдар тосушпайт. Тоссо айткыла: "Шамши менен Ураимбекке жолуктук" - деп.Тартынбай, астейдил кайрылгыла!-дешти.

-Макул, куп болот айланайындар! Аман болуңуздар, чоң ырахмат, азаматтар! - деди эне, колун көкүрөгүнө ала жүгүнүп.

Беркилер заматта шартылдай, ылдам жүрүшүп, улам алыстап, бийик дөңсөөнү ашып бараткандыктарын көргөн эне өзүнчө: "Ух, Кудайга шүгүр-а!" деди күңгүрөнгөн тариздe. Анан балдарынын жанына имериле берээрде, арткы белден жагымсыз бир уңулдаган үндөр кулагына өөндөй угула түштү. "Бул кандай улугандар болду?"-деген ойдо өзүнчө чочуп, диртилдей калган Гүлбаар перзенттерине ички оюн билдирбөөгө ниеттенди. Аңгыча дөңдүн үстү жагынан кыңшылап-шыйпаңдаган, иттен чоңураактай, көздөрүнөн оттой нур чачкандай өтө куник,

жагымсыз ырылдагандай жагдайдагы жырткычтар көрүндү. "И-и, бул ушул тоонун ач карышкырларынан беймі! Кудайым ай! Өзүң сактай көр, бул ажаандардан?! - деп, титиреп- калтыраган эне балдарына ыктай корголоп, алардын жанына жете келди.

-Коркпогула, айланайындар?! Бул кутурган ачкарын иттер окшойт! Мага жакын тургула! Баягы калтадагы эттин бир-эки катканы бар эле. Ошону ыргытчы Айтемир, буларга? Кетишээр бекен? Бол, кубатым? - деди шашканынан үнү да чыгар-чыкпас, шыбырагандай боло түшкөн Гүлбаар.

-Ме! - деп, Айтемир колундагы этти алысыраак шилтеп ыргытты. Эки карышкыр ыркырай-талаша түшүп, жанагы таберик ырыскыны жалмап-жуктай калышып, дагы да үмүттөткөндөй жаланып-жуктанып бери карап турушту.

-Эми канттик, кагылайындарым ай! Колуңарга бирден таш алгылачы! Жан алакетте ыргытып калалы! - деди эне. Экөө-үчөө бирден ташты Айтемирге беришти. Айтемир таштарды баягыдан да катуу, алыс ыргыткандай болду. Бирок, карышкырлар улам жутуна калышып турганын көргөн балдар эми сестее-делдейишип, эмне кыларын билишпей, айлалары куруп, дабдаарып турушту. Карышкырлар ырылдап-улугандай, өтө айбаттуу, сүрдүү көрүнүштө уңулдай беришти. Айланада булардын үнүнөн өктөм жаңырык жоктой сезилип атты.

-Оо, адамдар, жардамга! - деп кыйкырайын десе, Гүлбаардын үнү да чыкпагансып, акырын шыбырагандай болуп турду. Арадан кыйла убакыт өттү. Адамдар менен жыркычтар бири-биринен сестенип, сүрдөгөндөй боло түшүп, акыры кол салганга да ниеттенип, карышкырлар тиштерин ырсайта, оздорун ачып, анан улуганга өтүштү. Айласыздык оожалды. Такыр айла-амал куруду. "Эх, кана эми ушул азыр бир ажайып күч кайыптан келе калып, биздей байкуш, айласыз жандарды ач ажалдын оозунан куткарып алса?! - деп энтигишет бешөө. "У-у" деп уңулдашат жырткычтар. Ошол тушта берки дөңдүн үстүнөн үч-төрт адамдын караанын көрүнө түштү. Бири-бирине кезенишип-пайлашып, ызырынып тургандар жакка ылдамдай бурулушту.



"Бул баягы кеткендердин дайындаганы го сыягы? Оо, Кудай, өзүң куткарчы бул ач балээден? Жаратканым а-ай!" - деп өксөп какшады эненин жүрөгү.

Аңгыча баягылардан бир аз сестенгендей, тайсалдай түшкөн ач ажаандар жогорку дөңдү көздөй, куйруктарын чаттарына кыса жөнөй беришти.

"Айланайындарым, барсыңарбы?! - деген эне балдарына айланчыктай баскандa бир чоң ташка буту уруна берип, мүдүрүлүп жыгылды. Анын эси оол калган эле. Берки келгендер биринен-бири ашыга келе калышып, эненин башын жөлөдү бирөө. Нары жакта бүрүшүп коркуп турган балдарга кайрат берип, алаксытты.

Балдардын көздөрүнөн жаштары мөлтүрөп куюлгандан башка үндөрү бүтүп калгандай эле.

-Коркпогула! Бөрүлөр кетти айланайындар! - деди алардын бири.

Оо бир топтон соң көзү ачылган энеге жанагылар өз идиш-теринен суу ууртатып, бетине чачышты.

-Ух-х! - деди эне көзүн ачып. Анан:

-Айтемир, инилериң, барбы? - деди үнү араң угулуп.

-Бар, эне баарыбыз барбыз! Бул адамдар бизди зор балээден сактап калышты! - деди Айтемир энесинин жанына жакын келип.

-Ыракмат, кагылайын бир тууган дар! Бар болгула бул жарык дүйнөдө! Айланайындар, миң алкыш силерге! Бизди коргогон баарыңарга! - деп Гүлбаар балдарынын амандыгына сүйүнгөндөй жалдырап - жалынып атты.

-Коркпоң, эне, биз бая сиздерге жолуккандардын шериктерибиз. Айтышкан экен го, эч ким тийишпейт деп. Эми биз силерди эч коркунучсуз жолго чейин узатып жөнөтөбүз. Мобул балдар үчүн! Суу ичип, кичине нандан да шам-шум этип алгыла. Туруңуз, балдардын энеси? - деди үчөөнүн улуусу.

-Бар болуңуздар, адамзаттын ырайымдуулары! - деп эне башын көтөрүп, ордунан аста-секин одарылып турду.

## КАСИЕТТҮҮ АТА ЖУРТ

Арийне, жараткан өзү ак жол ыроолоп, жогорудагыдай азап-тозок менен күндүр-түндүр, тоо-таш, жылга-жыбытты аралап, өрөөндөрдү өрдөй, ач-ток калып, тиштеринин кирлерин соруп жүрүп болсо да, чымыркана чыдашып, Алай тоолорунан ашып, орошон Ош тарапка жете келишет, бешөө.

Ошондо тээ маңдайдан чокусу асманга созулуп, көк менен бой тирешкендей көрүнгөн улуу тоону көргөн эне өзүнчө кубүрөнө эргип: "Караанындан кагылайын, сөөлөтүңдөн айланайын, касиеттүү ата журтум! Балдарымдын тага журту, өмүрлөшүмдүн кайын журту! - деди көздөрүнөн мөлт-мөлт куюлган жашын жең учу менен аарчый берген эне. Анан баары кубанышкандай түр менен айланага таңдана, суктана да карап турушту.

## "УЙКУДАГЫ СУЛУУ" ТООСУНУН СЫЙКЫРЫ

Бир аздан соң алар орошон Оштун Өзгүр (Коңур-Жаз) адырлары тараптагы ашуу-белдерден жүрүп отурушуп, бири-бирине уланып жаткан бөксө тоолордун үстүнөн чыга беришти.

Ошондо алар тоо үстүнөн чар тарапка көз жүгүртүштү. "Кудайга миң мертебе шүгүр, жаратканга ыраазыбыз! "- деп энтиге түшкөн Гүлбаар эне балдарын жалдырай карады. "Бардыгыбыз аманбыз!" – дегенде, тээ алды жактагы сокмо жолдон өтүп бараткан 2-3 адамга көзү түштү. Аларга жакындай беришти да, алысыраактан:

- Арбаңыздар абалар? Саламатсыздарбы? Биз жол басып алыстан келе жатабыз. Бизге эл дареги, жер шарты, жаратылыш жөнүндө бир-эки ооз айтып бересиздерби? – деди тигилерге суроолуу тейде эне.

- Бар болгула балдарым, бали. Ыймандуу жан экенсиңер баарыңар. Бул чар тарапты айтсак, тээтиги көрүнгөн Оштун Сулайман тоосу, Баракох да, деп коюшат. Андан ары Керме-Тоо, Араван тоолору, түштүгүбүздө Ноокат, Алай, Памир тоолору турат, уктуңарбы? – деди аксакалдуу, токтоо, нарктуу сүйлөгөн бирөө.



- Уктук, ата! Ал эми тээ тигил бир адам уктап жаткандай чалкайган тоо кандай тоо? – деди Гүлбаар.

- Албы, аны элибиз "Уйкудагы сулуу" тоо деп атаган. Анын да өзүнчө сыры болсо керек да! – деди жаңагы адам.

- Ырахмат абалар! Биз ошол багытка жүрөт окшойбуз. Бар болуңуздар! – деп алардан алыстай басышты.

- Бул убакта ошол тоодогу бир сулуу кыздын сунала, чачтарын жазып, жай көшүлүп, бүтүн сунгандай таризде уктап жаткандай көрүнүшү Гүлбаарга негедир жакындай туюлду. Толкуп-ташкан эргүүлөр коштоп турду, оюн.

"Бул балким өткөн замандардагы кыргыздын Каныкей эне, кыз Сайкал, Жаңыл Мырза сыяктуу кыздарынын бири бекен? Бул өтө бейкапар, жай эс алып жатышында кайсыл бир улуу салгылашууларда болуп, элди коргоодогу зор кармаштарды кыргыз эли душмандын тып-тыйпылын чыгарып, алыска куугандан кийинки, көңүлү ордуна түшүп, жеңишке өзү да катышканына ыраазы болуп, "Эми бир эс алып алайынчы! Эгерде уктап кетсем, көздөрүм Ата-Журтубуздун сакчылыгында болсунчу! " - деп көшүлө калып, анан түбөлүк уйкуга баткандагысы бекен? Бул көрүнүшүндө өтө олуттуу, жай баракат маанайда экендиги көрүнүп турбайбы! Бар болсун кыргыз жергеси, бар болсун ушундай баатыр жүрөктүү эл кыздары!" – деп эне ичтен толкундап, өзүнчө бир башка ааламга келгендей болуп жатты.

Ошондо көңүлүндө төмөнкү ыр саптары жаңырып, кубулжуп тургансыды.

Тээ Самарканд, Бухарадан – ыраактан,
Эне толкуп, "Ош" деп эңсеп келаткан.
Учурунда Памир, Алай тараптан,
Оштун тоосу, Керметоо, Араван тоо дагы.
Дил көксөтүп, суктандырып караткан...
Көрсө... ушул көк тиреген бул аска
Өзгөчө бир сыры менен саматкан,
"Уйкудагы сулуусу" бар экен да,
Көргөн жанды сыр, сыйкыры таңданткан!

Көп заманга күбө болгон сыяктуу,
Бутун сунуп, таш балышты жазданып.
Башына алтын чачтарын аеолой жазган,
"Уйкудагы сулуунун" жамалын көрүп,
Бешөө турду кереметке шаңданып.

"Бул бир сыйкыр касиети бар тообу,
Көрсөм эле бир сыры ачылгансыйт.
Карагыла, ана, суйкайган сулуу
Кылымдарды өткөргөн буттарын сунуп,
"Келгиле!" деп өзүнө чакыргансыйт.
Зор бир ырыс бакыт, таалай бар өңдүү,
Өзү жаткан жерден колун булгалайт.

Жүргүлөчү, ошол жакка баралы,
Не сыр болсо биз да көрүп алалы!"
Деди Гүлбаар эне балдарын карап,
Тууган жерден нурдангандай жамалы...

Чар тарабы тоолор менен курчалган,
Кооз койнун карай берип көз салган.
Бул бир көрктүү, чалкып жаткан аймактын,
Бизге айкын болбой келген тарыхы,
Өзүнчө улуу шарапатынан улам.

"Тоо сакчысы ушул жерден башталган" экендиги мына алды жактан айкындала тургандай болуп атты. Ооба, ушул көз ирмемдеги эне дилиндеги өтө сырдуу бир көрүнүш, аларды күтүп аткан Кудайдын буйругу, тагдыр-жазмыштын багыты сыяктуу сезилип турду. Анткени дал ушул убакта "Ошол күндөн ушул күн жума болуп калыптыр" деп бирөө айткандай, булар күтүлбөгөн окуяга туш болушат.

## БАЙГЕДЕ - "КУЛДУН БАЛДАРЫ"

Бул күнү ордолуу Оштун айланасындагы кыргыздардан чыккан атактуу бир байдын баласынын атасына аш берип, тыягы Кытайдагы уйгурлардын белгилүү, белсемдүү, Гераттан, аркалык кыргыздардын атактуу кишилеринен, быягы казактын даңазалуу чыгаандарынан, каракалпактын кадырман инсандарынан, алтайлык кыпчак, төөлөстөрдөн бери өтө дыкаттап-дайындап



айттырып, зор камылга, арбын даярдык менен той-аш маарекесин өткөрүп жаткан чагы экен.

Ашка ашкере, калыс бий шайланып, байгелер белгиленет. Бул чоң той, Ош шаары менен Аравандын чок ортосундагы жайык - төрт тарабы тең тоолор менен курчалган кеңири жерде өткөрүлүп атыптыр.

Ошондо тойдун бийине күбүр-шыбыр сөз менен "качып келе жаткан кулдар экен" деп Гүлбаар энени балдары менен бирге баш байгеге кошуп жиберишет. "Кудай кылса кубарыңдын акы барбы" дегенге түшүккан, маңдайына жазылганга, башка түшкөнгө ынанган тагдырынын бул көрүнүшүнө, өзүнүн ата журтуна туш келгенине да ичинен ыраазыланып, эне көнүүгө аргасыз болот, өз убагында алы, чагы, шартына жараша эл башкарып, көп элге аты таанылган ичкилик журтунун Чал Тейит уруусунан чыккан хан Сатыбалдынын жигиттери баш байгени утуп алышат. Хандыкта өзүн өктөм, өөдө, зоболо, таасирлүү чаглаган бирөө чыга берип:

-Ханым, сизге ылайыктуу токол, баш байгенин зор тартуусу экен, булар! - деп кол куушуруп, өрөпкүй өткөрүп беришет, кийин.

Ушул ойду эле күтүп турушкандай, хан уулдарынын кенжеси-Култай дегени күтүлбөгөн бул ооматка сүйүнүп, тан бергендей, ушунчалык дүңгүрөгөн маараке тойдо баш байгеге ээ болуп чыккандыктарына маашырлангангабы, эл ичинен алдыга умтулуп чыга түшүп, мындай деди:

-Урматтуу жакшылар! Ардактуу ата, агалар! Ушунчалык көрктүү, жарашыктуу, төрт тарабы тең тоолор менен курчалган мына бул жерде, атактуу Оштун ыптасында бизге токол энебиз табылган, касиеттүү кызыр назарындагыдай бул аймак берекелүү, кандайдыр көзгө сүйкүм, көңүлгө толоорлук чөлкөм экенин караңыздарчы, тугандар! - деп андан ары сөзүн улантат.

-Ушул жерде энебиздин атын билип, (ысмын) ушунчалык төгөрөктүн төрт бурчунан келген калктын өкүлдөрүнө айтып калсак, эң эле ылайыктуу, ыңгайлуу, жөндүү болгудай го?! Бекеринен пайгамбарыбыз Мухаммед алайхиссалам "Бейиш энелердин таманынын астында" дебеген чыгар. Ошон үчүн бул

жашоодо энелерден улук инсан жоктугуна ишенели. Энебиздин өзүнүн төрт перзенти бар экен. Эми мына бүгүндөн бизге да эне болуп калат, кудай буюрса! Эмне дейсиздер, азиз боордоштор! Энебиздин атын сураңыздарчы? - деген ханзааданын акылман суроосуна бир топтон кийин:

-Гүлбаар экен! - деген дилге жакын, уккулуктуу үндөр чыкты.

-Мына эми ачык айталы. Бул касиеттүү жер эми биздин энебиздин аты менен мындан ары "Гүлбаардын талаасы"-деп аталсын! Эл - журтубуз ушул береке-ырыскылуу аймакта мындан соң да ынтымак-ырашкерлик менен той-тамаша, маараке, оюн-зоокторду өткөрүшсүн! Анда эмесе, кана алтын алаканыңыздарды жайып, бир зор, ак батаңыздарды бериңиздерчи?

-"Оо-ми-йин, бул жердин аты Гүлбаар болсун!"-деп көпчүлүк күүлдөгөн, нарктуу назар менен баталарын беришти. Мына ушул жер көп кылымдан бери таамай –таасын айтканда, 1465-жылдан, Гүлбаар эне токолдукка кеткен убактан бери "Гүлбаар" аталып келе жатат. Экинчи баласы Учар ушул жакта жашап калгандыктан, Ош шаарына кире бериштеги оң жак ныптадагы бараандуу айыл азыркы учурга чейин Учар абанын атында.

## ПЕРЗЕНТТИК УЛУУ КӨМӨК

Ошентип, булар (өздөрү "беш манжабыз" деп айткандай) хан Сатыбалдынын карамагына өтүп калышат. Бул хандын Сарыбай, Түлө, Култай, Таканай, Ак чал, (Орозу), Жаңы Сарык, аттуу балдары бар эле. Ошол даңазалуу аштан соң арадан көп убакыт өтпөй эле хан Сатыбалды Самарканд хандыгына тымызын сыр, ээлебей коюудан улам, өзгөчөлөнө кыр көрсөтө коём деп, анын айып-азабы үчүн камакка алынып, зынданга түшөт. Себеби Памир, Алай тоолорундагы кыргыздар Самарканд хандыгына вассал болуп, баш ийип турушкан. Ошол башка түшкөн бөөдө азаптан кутула албаган хан бир кыйла зынданда жатып калат. Бул абалга эл-журт, калктын эс-акылдуу, зээндүүлөрү чогуу ойлонушуп, "Сатыбалды ханыбызды зынданда мүңкүретпөй,



куткарып алалы. Намыс, уят да керек. Ханыбыз кыргыз го! Ушуну ойлонолу, мусулман агайындар! Биз да өзүбүзчө каада-салттуу калкпыз да, урматтуу жердештер, замандаштар!-дешет, намыстана-кайраттана түшкөн өзөк, боордош, аталаш туугандары менен перзенттери – ханзаадалар иштин кечиге калганына арданышып.

-"Көзү тирүүсүндө хан Сатыбалдыны азаттыкка чыгарып, зындандан - душмандын каар-заарынан бошотуп келели!"- дешет дүүлдөй калган эр азаматтарга кеңешип, акылдашкан журт билермандары.

-Ал өзү бар болсо өзүн, эмесе, анын балдарынан бирөөнү хан шайлообуз керек!-деп көпчүлүк эл башчылары бир ойго келүүгө ынанышат.

-Бул мүдөөгө ким баш болуп, орошон элдин оюн хандыкка так, даана жеткирип, болжогон ойду ишке ашыра алат? - деген олуттуу кызматка бир адам "макул, мен барам!" - деп айтпаганга талаш-тартыш көпкө созулат.

Ушул арада өзүнчө ой толгоп, бир пикирди чоттогон Гүлбаар эне, Айтемирден:

-Дөңдө олтурган журт билермандары менен эмне ой козгоп, эмне маселе чечип, нени талашып-тартышып жатасыңар, айтчы уулум? - дейт элдин маселесине өтө кызыккан адамдай.

-Бул өтө татаал иш экен, эне. Бир да бирөө бул ойго ынанбай, ыңырканып турушат,- деди Айтемир.

-Анда бул зор жоопту, өзгөчө маанилүү милдетти чечүүгө сен баруун керек, уулум. Сен улуу көчтүн улантуу-чусу, даңазалуу адамдардын урпагынансың, балам. "Аккан арыкта суу агат" деп айтылат элде. Калган сөздү өз учурунда дагы айтармын. Бул өтө сырдуу аян. Такыр унутпай эсиңде бекем сактай жүр. Кайраттана пикир айтып, өтө олуттуу шартты койгун, журт өкүмдарларына. Маселен, мен сага дайындай турган шартты ачык айтып, талабыңды даана билдирип, түшүндүргүн. Макул көрүп, ынанышса, ушул иштин башында сен болгун! Сен коюучу шарт мына бул: сага 40 жигит тандап берсин. Алар акылдуулугу, эрдиги, күч-кайраты, бой келбети менен

башкалардан айырмаланып турсун. Бүркүттөн тогузду, камандан тогузду, карышкырдан тогузду, жана башка айбанаттардан тогуздан алып, айбанаттарды капаска салып, төөгө жүктөп, кербен уюштуруп бересиздер?-дегин. Аныгы бул: "Орошон Оштун бир колтугу Ноокаттын, Үч-Коргондун ханын куткарды" - деген орундуу ой, олуттуу мүдөө эмеспи! - дейт.

Анан муну укканда бардыгы: "Олда азаматым ай, макул, макул! Өзүң да биз ойлобогон шартты койдуң. Чындыгында эле ырас, бул – "Кыргыз ханын куткаруу" деген опол тоодой иш! Сага оомат тилейбиз, оомийин! - дешет журт билерман-дары.

Ошондон кийин жогоруда айтылган шарт, мүдөөнүн аткарылуусу менен зор сапарга чыккан кербенди башкарган Айтемир Самарканд хандыгына болжогон убакытта жетип келет. Өтө бир башкача көрүнүш - айбаттуу жаныбарлар кошулган сүрдүү, айкайлаган опур-топурду көрүп, үрөйү учуп кеткендей болгон абалга түшкөн, ушул сааттарда күзөттө турган черик, ханга:

-Улук таксырым, ардактуу ханым, биз көрбөгөн, көпчүлүккө бейтааныш бирөөлөрбү, көчөдө чаң-тополоң менен бир кербен келе жатат, урматтуу так...! - деп кабар берет, шаштысы кетип, калчылдаган күзөтчү, үрөйү учуп.

-Дарбазаны ачкылачы? - дейт хан айран-таң болгонун жашырбай.

Көрсө, Айтемир кербени шаарга жетүүгө саналуу убак калганда жырткычтарды атайын ачка коет. Жырткычтар өтө тажаалдана ыркырап, сүрдүү айбатtанып, ачыркап калышат. Кербендин башталыш тарабы дарбазага киргенде, башын чепти айланта бурат. Ошондо башы менен аягы дарбазадан учурай түшүшөт. Шаарга киргенде ачка, өзөргөн арстандар айбаттана бакырып, жолборстор күркүрөп, бүркүттөр шаңшып, камандар сүрдүү чыйылдашып, өзүнчө эле бир башкача көрүнүштөгү сестүү абал пайда болгон экен.

Мындай сейрек, таң каларлык, табышмактуу көрүнүшкө бир чети ызырына ачууланган, экинчиден буга таңдана, ичтен каардана да тан берген хан Шейбани:



-Сен бир өзгөчө түр, дилинде жашырган чокон сыр менен келиптирсиң. Сен биринчиден, кимсиң, экинчиден, не табышмактуу ойлор, доолор менен келген адамсың? Айт батыраак? - дейт хандык каада, дөөлөт башчылык дымак, сүр менен кайрылып.

-Ассалоому алейкум, ардактуу таксыр, улук ханым! Мен сизге баш ийген бир тоо өлкөсү - Памир-Алай, Ош деген жердин бечара, момун элинин катарындагы бир мусулмандын баласымын. Оболу жараткан Алланын, экинчиден, эгемдин өзүнүн тагдырга жазган, маңдайга туш келген, ырыскы - көргүлүгү экен. Орошон Үч-Коргон деген жерибиздин Сатыбалды аттуу ханынын кийинки өгөй уулу болуп калганмын. Канткенде да пенде деген пенде болот экен, бул дүйнөдө. Ошол хан атабыз жаңылышкандык, жазганбагандык мененби, айтор, сизге каршылыктай эсептелген бир терс жорукка дуушарлана калып, өзүңүздүн өкүмүңүз менен ушул даңазалуу ордо шаарыбыз - Самарканддын зынданында жатканына бир кыйла убакыт болуптур. Азиз падышабыз? Эгер ырайым этсеңиз, калдайган калың журтубуздун атынан келген, атам деп келген мендей момун уулуңуздун өтүнүчүн эске алып, ханыбызды зындандан чыгарып берсеңиз? Кудай таала алдында сизден, караламан калкыңыздын катарында мен да өтө ыраазы болоор элем, улук ханым? Ал эми мына бул ар тобу тогуздан эсептелген айбаттуу, сүрдүү жырткычтык, канаттуулук касиети күчтүү белек-тартууну өзүңүзгө ыроолойбуз?! - дейт Айтемир.

Бул сөзгө бир чети көңүлү жибип, жумшара түшкөн Шейбани хан бир аз ынана калганын жашырбай:

-Ээ, сенин өзүңдө да, сөзүңдө да, бир башкача сыр, кишилик-жигиттик өзгөчөлүгүң бардай сезилет. Бешенең жарык болгудай өңдөнөсүң! Болуптур! - деп эки алаканын чапканда, сырттан күзөт башчысы саркер:

-Эмне дейсиз, таксыр ханым? - дейт колун көкүрөгүнө алып, суроолуу түрдө.

-Бул жигиттин атасы болот экен. Айткын, топ башчыга. Сатыбалды деген ханды зындандан чыгарып, бул жерге алып

келсин, тез! - дейт Шейбани баягыдан бир кыйла ынанымдуу тейде, ордунан бир аз козголо берип.

Андан соң, сырттан эки саркердин коштоосунда жүдөңкү тартып, кийингени жупуну, өңү өчө түшүп, ыраңы кубарып, чачтары өсүп, үлдүрөгөн абалдагы адам - хан Сатыбалды кирип келет. Келээр алдында көкүрөгүнө колун коюп, жүгүнө:

-Ассалоому алейкум, урматтуу ханым? Саламатчылыкта, амандыкта эл башкарып турасызбы, таксыр? - дейт араңдан зорго сүйлөгөндөй.

-И-и, эми эсиңе келдиңби? Оолуктурган шайтандарың алыстадыбы? Ал-абалың абалкыдай эместей го? Өзүңө келдиңби, тоолуктардын ханы? - деп оңдоно олтуруп, өзүнчө кытылдап күлө сүйлөдү Шейбани.

-Кечиресиз, улук таксыр? Кам сүт эмген пенде экенбиз го: шайтанга бир алдырдым да! Ка-ап! Аттиң-ай! Эми бул терс жорук өмүрлүккө кайталанбастыр деймин, улугум! Кечириңиз, дагы бир жолу? - деди үнү араң угулуп, үлдүрөгөн тейдеги Сатыбалды.

-Мына, атанын уулу! Өктөмсүнгөн, эрдемсинген элиң сурагандай, хан атаңды эми өзүңө кошуп жөнөтөйүн! Кандай дейсиң? - деди кытмырлангандайбы, же сынагандайбы, бир сырдуу түр менен Айтемирге астыртан караган Шейбани хан.

-Сизге чексиз алкыш болсун! Ыраазымын падышам! Хан атабыздын бул абалы өтө кейиштүү, жүдөңкү, аянычтуу көрүнүп турат, урматтуу дөөлет башчыбыз? Оболу-кийин көргөн адамдарга өтө эле жүдөңкүдөй болуптур. Чач-сакалын алдырып, бою-башын иретке түшүрткөнгө уруксат бериңиз? Сизден дагы бир өтүнүчүбүз ушул болсун! Канткенде да хан аты бар инсан эмеспи, туурабы улугум? - деди кош колун көкүрөккө койгон Айтемир.

-Бул жагынан бир топ паам-парасатыңдын бар экендиги көрүнүп, сезилип турат. Зээниңе ынанттың беймй!

-Сатыбалдыга хандык кийим, сарпай даярдалсын! - деди Шейбани. Ошондон кийин ордонун кызматкерлери хан Сатыбалдыны мончого түшүрүп, жуунтуп-жеңилдетип, тырмак



чачтарын алдыртып, жаңы сарпай кийимдерди кийгизип, кайрадан Шейбанинин алдына алып киришти.

-Ээ, мына бул эми бөлөк иш болуптур! - дейт ортого келип, ары-бери басып, аста-секин, салмактуу баскан хан.

Анан хан Сатыбалдыга карап, ичинен: "Мунусу эмне дээр экен, кана акылын бир сынайынчы!" деген ойдо кыйды суроосун таштады ортого. - Бул жигит кимиң болот, билбейм. Кантсе да хан атың бар эмеспи, мындан ары дагы аманчылык болсо, иштешип каларбыз. Оюң, өтүнүчүң болсо, сурап калчы? - деди хандык тактысына чыгып, орундашкан соң. "Кызматты, жерби же бир жактан чыгып калар байлыктанбы?" -деп ойлоно калды.

-Улуу таксыр ханым, бул ирет бир жолу шайтанга азгырылып, сизге каршылык көрсөтө коем деп, саргайткан сарсанаа, бүтпөс өкүнүч менен сыздап, мокоп, жүрөгүм канаганынан кайрат, айбатым сынып, көзүм чекчейип, белим мекчейип турган чагым, урматтуум? Бул жигит чынында өзүмдүн перзентимдей болуп калган асыранды уулум. "Бали!" деп олтурам ушунчалык мени жоктоп, ардактуу сиздей ханыбыздын алдына бөгүлүп-чөгүлүп, кечирим сурап келгенине! Муну жөнөткөн элиме ыраазымын! Бали!

Кийинки өтүнүчүм: "Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт" дейт акылмандар. Эгерде Кудай дилиңизге салса, ага сиз өз оюңузда ыклас бурсаңыз, жөндүү деп санасаңыз, чоң уулум Сарыбайга "Чал Тейит уруусунун ханы" деп жаздырып, ага өз мөөрүңүздү бастырган үжөт берсеңиз?-дейт момурай калып, өтө ымтырай түшкөн таризде, хан Сатыбалды.

-Ушул элеби? - дейт өзүн тетик, ушар туткан хан, сынагандай ормоё тикчийип.

-Ооба, ооба, улугум? дейт Сатыбалды.

-"Сокур дагы асасын бир жолу жоготкондой", эми акылыңа жараша алдыңды ойлонгонуң - утушуң болоор. Эми бир өтүнүчүңдү орундатайын. Уулуң элиңе хан болот!

-Ал эми сенчи? -дейт Шейбани, бери жакта тик туруп калган Айтемирге, -Эмне дейсиң?

-Ыракмат, улук падышам! Сизге менин бир гана өтүнүч-суранычым бар. Ал да болсо, өзүңүз уруксат, ырайым менен хандык буйругуңузду берип, өтүнүчүмө көнсөңүз, азыркы колумдагы 40 жигитим менен калып, алты айлык мээнетте сиздин өзгөчө машыккан, такшалган, көп кармаштарда дөөлөтүңүздүн каршылашкан кас душмандарын ырайымсыздык менен жеңип көнгөн ляшкер башчыңыз Абдулладан согуш ыкмаларын, жашырын өнөр сырларын үйрөнсөм деймин, таксыр? - дейт.

-Ыя! Мындан бөлөк ой-мүдөөң жокпу, бозой?! - дейт өңү өзгөрүле калган хан, алдыга бир аз обдула калып.

-Жок, таксыр падышам? Жалгыз ойлогонум эле ушул экенин сизден эч жашыра албайм?! Акыйкатта аңсаткан эңсөөм, чокон үмүтүм эле сизде, улугум?

- И-и, ошондой де! – деп токтоно калган падыша Айтемирге кайдыгер, сырдуу назарын бурду да, -хым-м, чын эле ошончолук азап-түйшүккө чыдап, өнөр өздөштүрүүгө астейдил, зирек дит менен далалаттансаң, мейличи? - деди ыңыранганын жашыра албай.

Аздан соң Сатыбалды хан менен Айтемирди Шейбани хандын алдынан бат эле баштап чыгып кетишти.

Ошондон кийин Айтемир өз убагында Иранды, Гератты, Индиянын түндүгүн согушуп басып алган лашкер башчы Абдулладан сабак ала баштады.

-Бул иш сенден өзгөчө чыдамкайлыкты, өжөрлүктү, түркүн ыкка тынбай машыгып, чымыркана көнүгүп, күндү-күн, түндү-түн дебей, курал-жарак менен алектенип, өнөкөт-төнүүнү талап кылат. Буларсыз сенден бир ишенимдүү ляшкер башчы чыгаары күмөн. Ар - намыстуулук менен аллурушсаң гана көздөгөнүңө жетээриң бар! Түшүнүктүүбү? Болбосо менин сени үйрөтөрлүк ашыкча убактым деле аз! Билдиңби?! - деди алгачкы эле кезиккендеги сөзүндө Абдулла.

-Албетте, устат. Мен бул өнөрдү оңой дегенден ыраакмын. Бул сөзүңүз менин дил чордонумда болот. Сиздин купулга толмоюнча мен өзүмдү эр жигит, атанын уулу деп эсептебеске ант берем! - деди калчылдап-титиреген Айтемир, көздөрүнөн



кайрат менен ар-намыстын отунун учкуну жарк эте жалындап, чачырагандай...

Бул аралыкта бүт черүүнү жамбы атуу, сыйыртмак салуу, жекеге чыкмай, аламан кармаш, күрөш, эңиш, эр, сайыш, кууп жетип, каршылашканканкоржаатын чокмор менен торойто, серейте чабуу, чалма серпип, кагылган суу талды кылыч шилтеп кыя чабуу сыяктуу жалтанбастык, шамдагайлык, чыдамдуулукка, ыкчамдуулукка такай, өктөм аракет менен машыктырып алды.

-Кыркыңды төрт топко бөлөм.

-Төртөөндүн үстүнөн тынымсыз текшерип, тыкыр көзөмөлдөп турам. Ар бир кадам, ар бир кылыч шилтем бөөдө кетпестиги зарыл. Демек, биз бул жерде сыр билип, өнөр үйрөнүп, Ала-Тоонун кыраан бүркүтүндөй сак, кыраакы, алгыр, качырганды куткарбас болуубуз парз, жигиттер! Эми ар бир топко бирден башчы дайындайм - деди Айтемир.

Биринчи топко Кылычбек сен, экинчи топко Назарбек, үчүнчүгө Аламан, төртүнчүгө Атазак, сен башчысың. Борбордук топто өзүм болом. Биздин бир күнүбүз бир айга тете болууга тийиш. Бөөдөн-бөөдө эл-журттан алыс жердеги каңгыр баштардан болбойлу. Тырышып, ыйынып-ычкынып, эрдибизди кырча тиштеп болсо да, өжөрлөнө, карышып-жарышып жүрүп, машыгууга өтөлү. Салгылашуу майданы убагында эч кимди аябайт. Ар бир башта бир өлүм. Ошону каармандык менен жеңүүгө көнүгөлү, уктуңарбы?

-Уктук, устат, Абдулланын шакирти, Айтемир лашкер башчыбыз! - дешти дүр эте түшкөн черик тобундагылар.

Ошондон баштап улантыла берген машыгууларда аламан уруш, найза саюу, кылычташуу, атчанга найза ыргытуу, буктурма, сыйыртмак таштоо жана башка айла-амал, согуш өнөрүнүн сырларын үйрөнүүдө, сынашууда Айтемир Абдулладан гана жеңилчүү болду.

Машыгуу учурлары көбүнчө атайын майдандарда өткөрүлүп атты. Кырк жигитти сыноону көп ирет Абдулла менен Айтемир экөө өз көзөмөлүндө жүргүзүштү. Экөө тең өз ара кармашууларын беркилердин көзүнчө өтө сактык, алгылыктуулук менен

айгинелешти. Бир беттешүүдө Айтемир Абдулланы жеңип, майыштыраар деңгээлге келгенде этияттана түшкөн Абдулла: «Ай, ай, Айтемир, эки чаппай чапкын бир!» деген жоокерлеринин сүрөөнүнөн бир аз сүрдөнө түшүп, шакиртинин кайраттуу, айбаттуу айласына ичтен тан берип:

-Менин устаттык ниет, аракет, эмгегим текке кетпептир, балли шакиртим! Эми машыктырууңду мындан ары да катуулук, сүрдүүлүк менен өнүктүрө бер, тоо бүркүтү! - деп ыраазыланды.

Арадан болжолдонгон алты айлык убакыт да соңуна жетип, ала-тоолук арстан жүректүү чериктегилер өз мекенине – Памир, Алай тоолорун ашып, ордолуу Ошту көздөй бет алган учурда, өтө кыраакылык менен айкын-ачык ой бөлүшкөн Абдулла лашкер башчы Айтемирге:

-Ылайым бар болгула, эл-жериңерди астейдил коргогула, дөөлөтүңөрдүн бузулбас чеби болгула, оомийин!-деп батасын берди.

Айтемир Бухара, Самарканддан келгенден кийин эле элдеги жигит аттууларды топтоп, шайма-шай көздөн өткөрүп, кыраакылык менен аларды кармашууларга таймандай катыштырып, душмандын сүрүн, каарын жоюп, өздөрүн тыйпыл кырып таштоого үндөп, катыктырып, катыраңкыдай катырып машыктырды. Аларга эң татаал ыкмаларды үйрөтүп, усталарга түпөктүү найзаларды, болоттон куюлган курч кылычтарды, кош миздүү алмаз канжарларды өтө дыкаттык менен жасатып, өзгөчө жетиштүү даярдыкты көрүп, ар кандай согуш апааттарынын алдын алууну көздөдү.

-Биз тоо койнунда жашап, тоого сүйөнүп, анын ыңгай-шартына көнүп, бышыгып, чонугуп бүткөн адамдарбыз, жигиттер! Тоолорубуздун коюн-кучагы бизге беш манжабыздай белгилүү. Ошондуктан, тоо шартында аз күч жумшап, баскынчы кас душмандарыбызды бат жеңүүгө аракеттенүүбүз керек! - деп Айтемир андан кийинки сөздү Кылычбекке ыйгарды.

-«Жоо аяган жаралуу» - дейт көсөм, баатыр кыргыз элибиз, - деп сөзүн улантты Кылычбек. –Биз душманды аяй турган болсок, алар бизди түп-тамырыбыздан баштап жок кылууга аракеттенет, мекендештер! Кыргыз бабаларыбыз ээлтен эле туулган жерине бастырып келген оторчу баш-кесерлерге аёосуз сокку берип, өзгөрбес өчүн, кетпес кегин ошолордун өлүп кырылышынан алган. Муну биз түнү уктасак түшүбүздөн, күндүзү жүрсөк эсибизден чыгарбообуз абзел! Уктуңарбы, эр жүрөк, эр азаматтар? деди кайраттуулук менен.



-Уктук, уктук! - дешти жигиттердин тобу...

Дал ушундай аракеттер менен турушкандардын жергесине Шейбани хан бастырып келди.

Анын айкын сыры, ашкере себеби, көктү тиктеп, өктөмдөнүп келгендигинин өзөк-тамыры мындайча эле.

## БУЗУЛГАН АНТ

Арадан кыйла жыл өтүп калганда: «Бул мезгилде өздөрүн өздөрү башкарып, каршылаштарына кайрат, айбаты менен билине баштаган букараларымды, чек араларымды көрүп-байкап, хан Сарыбай менен Айтемирден бир кабар алып келгилечи? - деген хандык ынтаа, жоктоо менен Мухаммед Шейбани 50 сарбазын жөнөтөт.

Аларды Үч-Коргон хандыгынын эли жакшы тосуп алат.

-Келгиле, урматтуу сарбаздар! "Ээсин сыйласаң, итине сөөк салып, атына жем бер" дегендей, азиз ханыбыздын урматы үчүн силер да биздин сыйыбызды көрүп, ыраазы болуп кеткиле! - деп аларды жакшы ызат, кыргыздык меймандостуктун ылайыктуу салты менен күтүп алышат. Күнүнө бирден тай, бирден баглан козу союлат, май чайна-тылат, кымыз ичилет.

Ошондо муну көрүп, жат сезген кутум, кытмыр кеңешчи бирөө айтат:

-Ханым, дүйнөнүн бир бурчунда жаткан падышанын өзүн эмес, карамагындагы баш кесерлерин сыйлаганыңыз кандай? Муну менен эле эмес, элибиздин да көз каранды, күңкор экенин ашкерелеп койдуңуз го? Бул жерде сиз кимсиз, журтка? Андан көрө буларды тукум-курут, тындым кылсаңыз, тиги чоң хан да баш чулгуй сестенип калаар го? - деген ичи тар шыкакчынын сөзүнө ишенип, ээрчий калган хан Сарыбай:

-Чын айтасың, ошентиш керек! Буларга убал, аёо жок. Тарттыр шараптан! Эс-учун жоготушкандан кийин бардыгынын

башын алып жибергиле! – деп буюрат. Алардын акырында калган бирөө:

-Жан соога, ханым! Ырайым кылыңыз? Карыган энем, аялым, жөжөдөй балдарым бар. Ошолор жетим, жесир калбасын? Ылайым оматыңызды берсин Кудайым? Ырайымдуулукту берсеңиз? Эгерде мени бошотуп жиберсениз, энем, зайыбым, балдарымды алып көз көргүс, кулак укпас, бир жакка эле кетип жоголом! Сиз ыроологон өмүрдү көрүп, өзүңүзгө Алладан зор өмүр, ынсап тилеп өтөйүн? - деп ыйлап-сыктап, улуп-уңшуп, озондойт. Буга ишенген хан:

-Ээ, апарчы ушунуну нарыраак?! Жоготкула, көзүнүн тирүүсүндө бир гөргө! - деп ызыранат.

Бирок пендезат экен да. Ал сарбаз боздоп-какшаган бойдон Мухаммед Шейбани ханга жетет.

-Урматтуу ханым! Сиз жиберген элүүбүздөн бир гана -чокон мен тирүү калдым. Калганыбыздын баарын хан Сарыбай койдой мууздатып, шорубузду курутту, падышам! -дейт буркурап, боору эзилген сарбаз.

Муну угуп, өңүнөн кан-сөлү качып, ачуусуна ууккан Шейбани колун катуу шилтеп, эшиктен кирген лашкерге:

-Чакыр, Абдулланы, тез! - деди колдору калтырап, дене-си калчылдаган хан.

-Чакырттыңызбы, таксыр? - деди Абдулла кире берип, оң колун көкүрөгүнө ала жүгүнүп.

-«Чөптү аясаң көзгө саят» - дегендей, бул тиги тоолук-тарын оолугуп, көөп кетип, бизди айтпай эле коеёлу, Кудайды да таанымбай, нан уургандык кылыптыр го, бул ынсапсыздар! Шашпай турушсун, тез эле кезеги келет булардын! Бүгүндөн тарта Иранга жүрүш жасайбыз! деп Иран мамлекетинен Хорасанды, Гераттын көп жерлерин колуна алгандан кийин аскерлерин Памир, Алай, Ферганы көздөй бурат хан.

- Бул ымтырап, начар куралданган, ант урган тоолуктар-ды оңой эле жеңип, кайра багындырып алабыз! - деген Шейбани хан Абдулла лашкер башчысын элди эң эле катуу, жырткычтарча аябоого багыттады...



## ИШЕНИМДЕН КЕТҮҮ

«Ишенген кожоң суугa акса,

Алды- алдыңдан тал карма».

(Элден)

Убакыт кыйла өттү. Бул аралыкта Шейбанинин өч алууга келээрин билген Сарыбай элдик жыйында мындай деди:

-Эми сөздүн чынын билген, сак кулак кабарчыларыбыздан уксак, мындай экен. Баягы бизден кеткен бир шүмшүктүн айтканынан улам, эски жарааты козголуп, Шейбани хан Ферганага чабуулга келатыптыр туугандар, баатыр Айтемирдин лашкерлери! Уккула! «Сактыкка кордук жок» - дейт калкыбыз. Сактанып алдын алалы! Биз бул жактан силерди кош колдоп, күч жиберип турабыз. Душман менен катуу кармашпасаңар, алар бизди багынтып алат. Ырас, бизден да каталык кеткен чындыгында. Аны өзүбүз моюнга алуубуз парз.

Ак жол, эр жүрөк уулдарыбызга! Сак болгула, бар болгула! Душманга бек болуп кармашкыла! О-о-мийин - деп бата берген эл-журт башчысынын сөзүнөн кийин Айтемир баш болгон жигиттер алдын ала даярдыкка өтүшүп, Памир, Алай тараптагы боордошторго бөлүнүшүп, Ферганага келе жаткан душманга биргелешип, ынтымакташып каршы туруунун амалын издешти.

-Урматтуу туугандар! - деди памирлик, алайлык журтка кайрылган Айтемир. -Биз баарыбыз жакшы санаалаш, тилектеш элдерденбиз! Бизге тиш кайрап келе жаткан касташтарыбызга биргелешип, катуу каршылык көрсөтпөсөк, алар бизди кырып таштаашат. Ушуга сак, бек бололу! Чыккыла, боордоштор?! Өзүбүздү өзүбүз коргоп калалы! -деген ураанга пикирлештер өтө сактык менен, зарыл тартипте чыга беришти.

-Биз силер менен биргебиз! - дешти тажик, кыргыз кошуналар, Айтемир жетектегендердин аракеттерин кош колдоп кубаттай тургандыктарын билдиришип.

Мындай акылман ойго демөөрлөнгөн Айтемир баштаган эр жүрөк жигиттер өздөрүнө коён жатагына чейин тааныш болгон тоолордун кыя жол, кыйын ашуу, кууш капчыгайларында аба ырайынын катаал өзгөрүүсүнө карата ыктуу айла-амалды

пайдаланышып, кас душмандардын бийик зоока, капсаландуу ашууларда айласын кетире турган шайма-шайлыкты колдонууга даяр турушту.

Өчөшкөн хандыктын лашкерлери өздөрү болжогон аймактарга бат эле бастырып киришти. Кызыл-кыргын, каардуу кармашуулар күч ала баштады.

-Касташкандарга түк аёочулук болбосун! Бек тургула! Тоо бүркүттөрү! Бетпактарды түп теги менен курута билүүгө белсенгиле, жолборстор! Шилтенген кылыч, чокуга, башка даана тие турган чокморунар, укуругунар мыкаачы, назары пасты өлүмгө беттетсин! Тайманбагыла, эр жүрөк азаматтар!-деген Айтемирдин зоо жаңырткан айбаттуу чакырыгы тоо койнун дүңгүрөтө угулуп жатты.

-Мен өзүм ортолуктагы лашкерлерди илгерилетип, борбордук каршылыкты күчөтөм! Төртөөн мурда белгилегенибиздей, тоонун жылга-жыбыт, капчыгайынан тайманбай чабуулга өтөсүнөр, кыраандар! Токтоого такыр жол жок! Кайраттуулук менен беттешүүгө, кана, бет алдык!-деген ураанга шыктанган Айтемирдин лашкерлери өжөрлөнгөн айбат менен майданга чыгып кетишти.

Дал ошол айыгышкан катуу кармашуудан соң, душмандын шаштысы кетип атканы байкала берди. Кай бир сарбаздар агыны катуу дайрага бой таштап, көмөлөткөн толкунга аралашып, улам мерт болуп калгандары арбыды. Бейтааныш тоо арасындагы сууларга чөгүп, көпчүлүк сарбаздар дайынсыз жоголгондору болду. «Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру арбын» дегендей, айласыздыктын айынан ач ажалдын оозуна кептелгендери канча!

-Абдулла лашкер башчыбыз! Биз көп күчүбүздөн ажырай турган абалга туш болдук. Каршылашыбыздын айбатынан тоонун арасына кире качып аткандарыбыз көп! Канттик эми, урматтуу лашкер башчы?! - дешти үч-төрт сарбаз өздөрүнүн колундагы лашкерлердин шаштысы кеткенине жан кейитишип.

-Үнүнөрдү баскыла! Арбак ургандар! Кантип эле ушул сөздү айтууга батындыңар! Биз кимбиз өзү?! Канчадан канча элди багынткан тайбастарбыз го! Кайратыңар күчөсүн! Жөнөгүлө



ордуңарга, тез! - деди Абдулла ачуусун баса албай, каарданган абалда.

...Эки жактан тең өжөрлөнө кармашуу улам оожалып атты. Күн кечтеп, таң да атты...

-Урматтуу Айтемир лашкер башчыбыз! Бизге тиги тоо айылдарында жашагандардан үч миңден ашуун адам курал-жарактары менен келиптир. «Биз да душман менен кармашууда токтоп турбайбыз!» - дешип. Бул сөздү Кылычбек менен Атазак шашылыш айтышты: –Жолугасызбы?

-Жакшы кабар экен! Аба менен суудай керек болуп турган ишке көмектөшкөндөргө жолукпасам, кимге жолугам?! Мына, жөнөдүк! - деп Айтемир ылдам эле кошумча күчтөргө жетип келди.

-Ассалоому алейкум, урматтуу туугандар?! Куш келипсиздер?! Баракелде! Душман тамактан буугандай, кекиртектен муунткандай болуп турган чакта «А деген төөгө медет» дегендей, келгениңиздер өтө улук иш болуптур! Сиздердин көмөк, кайратыңыздар менен бастырып келген бетпак жоону кошулуп жеңели! Кудай кубат - күч берип, жеңишке жетишели! Бар болуңуздар, боордоштор! Сиздерди төрт баатырга беш-алты жүздөн бөлүп беребиз! Кастар менен жан алып жан беришип, денеде кашык каныбыз калганча эрегишип, кыл чайнашып кармашалы туугандар! Жеңишке жетишели! - деди Айтемир ээрден обдулуп, жалпы келген-дерге көкүрөгүнө колун коюп, таазим билдирип.

-«Кас душман басып келгенде карап турган жигитпи!»-дейт биздин элибиз. Сиздер Оштой жерден эл-жерди коргойбуз деп келсеңиздер, биз карап турабызбы?! Биз да эр Манастын урпактарынанбыз! Баскынчы душмандарды кырып жок кылууга даярбыз, туурабы жигиттер?!!-деди ар бир беш жүзгө башчы боло тургандар.

-Туура, туура! - деп күүлдөдү кайраттанып турган көпчүлүк! Иш ошентип, оңуна карай жылып атты. Кармашуу күч алып кетти.

Баскынчылык согуштун, өнөктүк өч алуунун, кейиштүү кектешүүнүн опасыз айкалыштарынын натыйжа, ооматы

күтүлбөгөн терс жыйынтыкка тушуктуруп – кептештиргенин өзөгү өрттөнүп, чычалай каарданып, өгөйлөй сезген Шейбани хан акылгөйлөрүнүн-кеңешчилеринин чакан отурумунда мындай деди:

-Миң сырлуу тоолуу өлкөгө бастырып барган биздин көп черүүлөрүбүздүн тең жарымынан көбү тоолордун адыр, бел, кокту-колотторунда калып, тушуккан ажалга моюн суна беришиптир. Күз чукулдап келе жатат го! Абдулла кол башчы «күч атасын таанмыбагандыгынан» улам, акыркы айласыз-дыктан колго түшүп кетиптир. Эми кезек колбашчыбыздын орун басары Насриддин сенде, укканың болсун! Лашкер-лердин калгандарын жыйнайлы да, Хорасанга жетели! - дейт Шейбани хан.

-Макул, куп болот, ханым!..

-Көрдүңөрбү, билдиңерби, ушул быйылкы кандуу кыргын-дагы абалыбызды?! «Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло» - дегендей сөзгө, кыян-кески согуш болооруна жеткилең маани берип, көңүл бурбаптырбыз го, ка-ап! Эми кыш кадыбынан көчүп кетти, - деп хан иренжий толгонуп, ошончо өкүнгөн менен абал ордуна келбестигин түшүндүрдү, бийлик башчылары-султандарына.

Ушул жолку каардануучулук менен тажаалдана, аёосуз беттешкен салгылашууда, өч алууда жеңиш Айтемирлер жакта болгондугуна бармак тиштеп, тан бере ыныанышты, бет маңдай олтургандар.

Анычында бастырып келген Шейбани хандын аскердик күчтөрүнүн көбү тоолордун арасында ажал таап калып кетишет. Күзүндө хандын лашкерлери Хорасанга жетишет.

Ошентип, Кичи-Алай, Чоң-Алай, Памир тоолорундагы согушта эл кызыл кыргындан сакталып, жеңиштин шарапаты менен баскынчылардын азап-тозогунан аман калышты. Оргу, Тейит, Төөлөс, Найман, Каңды жана башка ичкилик урууларынын өкүлдөрү Айтемирдин аскер - лашкерлерине:

«Арстандай айбат, илбирстей күч эч убакта атасын таанмыбайт» деген акыл сөз чын экен, Айтемир баатыр! Каардуу хандын капшабынан бизди абайлап коргоп, сактап калган



силердей эр жүрөк уулдарыбызга миң жолу ыракмат! Кудайым мындан ары да зор зоболо, узак өмүр, карышкырдай кайрат берсин илайым! Ар убак аман болгула, оо-ми-йин» -деп бата беришти, тоо калкынын аксакалдуу эл башчылары өздөрүнүн ооматтуу перзенттерине эңилип, ыраазылыктарын айта кубанышып.

-Биз сиздер менен бактылуубуз, ардактуу бабалар! Сиздерге да алкыш! Чоң жардамыңыздар үчүн таазим! - деди Айтемир дуулдаган көпчүлүккө.

## ЭКИНЧИ КААРДУУ КАРМАШУУ

**К. Раев:** -Эми автор ага, баяныбыздын ушул жерине өзүмдүн «Фергана өрөөнүндө же Кызыл-Кыя» деген китебимден бир үзүндүнү келтирип өтөйүнбү?

**Автор:** -Мейли,өзүңүз айткандай болсун.

**К. Раев.** «Ферганандын топурага өнүмдүү, суусу келимдүү, күнү жымырап, далы ысытып, жанга кубат беримдүү. Сайганың көктөйт, жайганың төлдөйт, чачканың чайлайт»,-деп айтылат. Айтылуу Фергана ушундай турмушта жашап жаткан кездеринде, (Үч-Коргон тарабы да кошулуп) коогалуу кыйын турмушту баштан өткөрдү...

Ордо чыгаан баатырлары менен бек. Бийик улуу тоолору, ынтымактуу калың журту, күчтүү бийлиги менен сүрдүү эмеспи. Ошонун сыңарындай, Гөөзан тоосу чалкаят. Башында Апшыр шаркыратмасы, аягында Исфайрам дарыясы күркүрөп агып жатат. Ушул чөлкөмдө байыртан бери белгилүү болгон кен байлыктары арбын Үч-Коргон Исфайрам дарыясынын жээгинде. Бул жерде кыргыздар, тажиктер жана өзбектер жашашат. Калктын көбүн тажиктер түзүшөт.

Миладий 1494-жылдын жазы. Кувасайга канатташ жашаган шаардын түштүк-чыгыш тарабындагы Кызыл-Кыянын кызыл күңгөйлөрүнөн кызыл жошолору ээрип, кыянга кошулуп агып келгендиги, ошол учурларда Самарканд ханынын аскерлеринин аёосуз чабуул менен келе жаткандыгы элдин тынчын кетирип

турду. Касташкан жоо Коконду алып, Анжиян, Маргаландан бери Кувасайдан Үч-Коргонго бастырып кирди.

Алар журтту талоонго алып, үй-үйдөн атилес, шайы, кийим-кечелерди тинтип, издеп жүрүп куржундарга толтуруп алышты. Кыргынга учуратып жатышты. Энесин таппай кыз ыйлап, кызын жоктой эне боздоп, атасынан уулу ажырап, уулунан ата бөлүнүп, наристелер жетим болуп, апасы боздоп-какшап, перзентинен ажырап калып баратты. Эл тонолуп турду.

Ат-улоону да калтырбай минип жөнөштү. Каршылык көрсөтпөсө да элди кыргынга учуратып атышты «Койгула?»-дегенди чокуга салып, озондотуп кыйнады.

Ошондо: «Мына, жоо келатат, сактангыла, аттангыла!-деген ураанды коштогон Үч-Коргон хандыгынын Айтемир баштаган олбурлуу, кубаттуу лашкерлери душмандын айбаттуу жолун тосуп, эл-жерди талоон-кыргындан сактоого белсене аттанып чыгышты.

-«Жоо аяган-жаралуу» - дейт калкыбыз. Эми тоо беттеп кармашабыз баатырлар! Тайманбагыла, айбыкпагыла, берендер!

-Кылычбек, Назарбек, Аламан жана Атазак! Төртөөң ар бириң миңден аскериңер менен чукулунан тоо жылгаларынан катуу чабуулга өтөсүңөр! Мен ортолук күчүбүздү ирети менен силерди коштотуп турууга беттетип турамын! - деди Айтемир кайраттуулук менен.

Майданга Айтемир өзүнүн Кылкуйрук деген аргымагы менен чыкты. Анын азыркы согуштук зоот кийимдери алты пуддан ашык, колундагы кылычы өтө салмактуу, курч, абдан оор да эле. Буга жараша өзү жайык төш, далылуу, келбет-мүчөсү келишкен, зобололуу, айбаты сүрдүү, көрүнүшү каардуу, көздөрү оттой жанган, чыныгы кыргыздын баатыр чыгааны болуп турду. Кармашууларда кылычын шилтегенде душмандын өзү эле эмес, атынын да мойнун үзө чаап өтүп атты. Ошол чабуулда лашкерлери: «Ай, Айтемир, эки чаппай, чапкын бир!» - деп аны кайраттантып, сүрөмөлөп барышты.

Ушул жолку ажаан душман менен аёосуз беттешүүлөрдө алдыңкы чекте болуп турган чакта Айтемир жөнүндө хан



Сарыбай өзүнүн бир оюн эстей калып, ага Алладан кайрат, күч, оомат, жеңиш тилеп атты... Ойдогу ошол күнкү көрүнүш мындай эле.

«Бир чети замандашым, экинчиден, Кудай кошкон кудачылык салтыбыздын шарапаты менен гана кайчылаш-тагдырлаш болуп калган Айтемир даңазасы далайга кеткен, дүйнөнүн бир топ мамлекеттерин басып алып моюн сундурган Шейбани өкүмдардын лашкерлерин жеңип кайтты. А ушунда кандайдыр бир сыр бар болуп жүрбөсүн? Эл айткандай, же анын жанында жүргөн өтө ыйык колдоочусу бар экени чын бекен? Анысы душман менен кармашканда жардам берип, бирге кол салат экен,- дейт эл ичиндеги сыр билгилер, -Түнкүсүн уктаганда чырак-нур болуп, жарыгына бөлөйт экен. Ошол касиети менен Айтемир Апшыр-Атага тез-тез барып, сыйынып, изарат кылганы ушунданбы дейм да? Же... Чындыгында чачылганды топтоп, журтту биримдикке үндөгөнү да ыйнанымдуу бейм? Кана, азыр мен бир жолу тымызын, эч бир жанга түк сездирбей, билинтпей, өтө этиятык менен анын үйү жакка «сыйкырчы», «дубагөй» деген касиеттүү, ишенимдүү адамымды жиберейинчи» деп, ага өтө катуу дайындап жөнөтөт. Ошол киши келип, (үйүндөгүлөрдүн да ушул ирет туйбай калгандыктары да бир сырдуубу?) акырын байкаса, чын эле Айтемир уктап жатканда, башында чырак күйүп турганын, оң жагында бүркүт, сол жагында жолборс жатканын көрүп, жакасын кармап, ичинен күбүрөнө, шыбырап: «Ой тообо» деп келме келтирип, таң калды. «Чын, чын экен!» дейт токтоно албай энтиге дамыгып. Анан ал бул көрүнүштү ханга бирме-бир айтып берет.

Ошондон соң Сарыбай хан Айтемирдин мыкты жөндөмүнө, акылына, кайратына, чечкиндүү баатырлыгына жараша бийлигине аралаштырган, элди душмандан коргоо сыяктуу өтө жоопту, жогорку милдетти ага тапшырган. «Чеп, чек аранын, журттун сакчылыгынын алтын ачкычын сага тапшырам!» - дегенин азыр дагы бир жолу чукул ойлоп калып: «Оо жараткан эгем?! Элибизди жоодон сактап, жергебизде тынчтык болуусун өзүң колдоп бергин, Алла, Кудай?» - деп тиледи хан.

Салгылашуулар өжөрлүк, каардуулук менен жүрүп жатты. Дарыя, жарлардын бойлоруна адам менен аттардын өлүктөрү алмашып-чалмашып толуп баратты.

Кудум ушундай кан сууга аралаша боелуп, кочкулданып агып турган кармашуулардын биринде капыс бири-бирине бет келе түшкөн Абдулла менен Айтемир ачууланып-каарданып, көздөрүндө огу болсо бири-бирин атып салчуудай айбат менен тикчие, ормоё, сестене карашты.

-Сени мен ушундай өз экенин туйбай өлтүрүп, кырмакка үйрөттүм беле? Наадан, бетпак! Пирине кол көтөргөн бузуку! Жетесиз! Чык эми, кана эр болсоң, кысталаң-кысталыш, кууш жердеги жекеге! - деди ызырана, кумсара түшүп, колундагы кылычын бийик сермелей көтөргөн Абдулла.

-И-и, ыймансыз жырткыч! Ушул азыр сен мага өзсүңбү, ыя?! Сени мен касиеттүү ата журтум - Памир, Алай, Ферганага баскынчылыкка келгин деп чакырттымбы?! Олда кан ичкич, эл бузар бачагар э-эй! Кана эмесе, өзүң айткан эр чабышка чык, анда?! - деп тажаалдана, жаалданган Айтемир өзү усталарга буйрутма менен даярдаткан, көктөн түшкөн темир таштан атайын жасаттырган кылычын абага көтөрдү, кансырай албууттанып.

Эки шер - жуп кол башчы өлүм көксөп, кылычташууга өттү. Эки-үч жолу кылычтарын кайраштырып, бири-бирин катуу түртүшө-сүрүлүү менен тик жардын кырына кептелишти. Ылдыйда шуулдаган, ажал күткөн дарыя! Кырчылдаша, кайра кармашуу, таймашып-тирешүү күч ала берди. Эмки үмүт кылычтардын оор, өткүр, курчтугу менен анын ээсинин көз ачып-жумганчалык ирмемде кылдаттыгы, ыкмалуулугу, колунун бакыбаттыгы, чукул эптүүлүгүндө эле. Ушул ыкманы колдоно түшкөн Айтемир Абдулланын кылычын катуу кайрып, булккулай бергенде, үстү жактан бир жаанын жебеси Абдулланын сол колунун үстүнө сайыла түштү.

-Ух, жедиң го! - деген Абдулланын экинчи колуна Айтемирдин кылычы кыйгач шилтенди. Абдулла оң жагына бурула берип, тизесине так тийген таштан артылып, жерге күп эте түштү. Бул кыйгач чабуу - анын өлбөй калуусуна, туткунга түшүүсүнө өбөлгө боло турган жагдай, шарт эле...

Өзгөчө тажаалдык менен тайманбай кырылуушулардан соң: «душман шаштысынан кайтып, жарашуу, келишим жолу менен Үч-Коргон, Кызыл-Кыя жактан чегинип, Ферганаы таштап чыгып кетиптир» деген сөз тарады эл ичинде.

## ТАТЫКТУУ НААМ

*«Эр эмгегин эл баалайт»*

*(Калк сөзү)*

**Автор:** Кандуу кагылышуунун жыйынтыгы кандай болду экен?

**К.Раев.** Жоо кеткен соң, Үч-Коргон хандыгынын жерге-синде чоң жеңиш салтанаты башталды. Ага коңшулаш Алай, Кичи-Алай, Ош, Ноокат тараптардан да өкүл меймандар келишти. Ой-кырларда адам тобунун караанды арбып, келгендерди тосуп алуу өз тартип, салты, эреже, жол-жобосу менен болуп атты. Тегиз аянттардын көп жерине боз үйлөр тигилип, меймандар менен калың эл жакшы орундашты.

Салтанатта чогулгандарга кайрылып, Сарыбай хан мындай деди:

-Урматтуу коңшу туугандар, кадырман калкым! Биринчиси жеңишиңиздер кут болсун! Ар убак дөөлөтүбүздө бейпилдик, тынчтык орносун! Бул чоң жеңиште Айтемир баш болгон баатыр жүрөк уулдарыбыз зор каармандыкты көрсөтүштү! Бали! Бар болгула баарыңар - арстан мүнөз азаматтарыбыз - мамлекетибиздин баатыр сакчылары!

Эми бүгүнкү ушундай даңазалуу салтанаттын болушуна Айтемир, Кылычбек, Аламан, Атазак сындуу уулдарыбыз өз лашкерлери менен өзгөчө эр жүрөктүк салымдарын кошушту. Эсил кайран Аламан менен Атазак бул кырчылдашкан салгылашууда көз жумушту. Дагы бир топ жигиттерибиз бар экен. «Бейиштен орун алышсын ылайым!» дейбиз. Буларды бүгүн эскерүү, жоктоо иретинде калайык калкыбыз бата-куран окушат. Кана уламалар, баштаңыздар?! - дегенде эл тып-тынч олтуруп, сүрө, аяттар окулду. Көпчүлүк «оо-ми-йин» - деп бетине бата тартты.

Андан соң, «Аскер башчыбыз Айтемирге «баатыр» деген наамды берелиби?» деген хандын оюн ынтымак-ынак журт дүркүрөп ынана-кубана тосуп алды.

Ошондо эл ичинен бир адам колун көкүрөгүнө алып, сөз сурады.

-Айтыңыз мейман, сөзүңүздү! Кезек сизде! Ушундайбы?-деп хандын вазири Сарыбайга карады. Хан башын ийкеди.

-Ассалому алейкум, ардактуу туугандар! Биз Алайданбыз, мына, тобубуз менен. Айтемир жана анын айбаттуу лашкерлери биздин жердеги катуу айкашууда жоонун мизин майтарып, жазасын колуна берген. Тоо калкы буга өтө ыраазы болуп, алкышыбызды айтканбыз. Өкүмдар Сарыбай ханыбыздын Айтемирге баатырдыкты берүү тууралуу оюна биз да толук кошулабыз! «Ырыс алды-ынтымак» дейт акылмандар. Бар болуңуздар, асыл мүдөөлөш, санаалаштар! - деди.

-Туура, акылдуу ойду кубаттайбыз! Ал Памир, Алай, анан ушул өз жергебиздеги кандуу, курмандуу кармашууларда кол башчы катары көп каармандыктарды көрсөттү. Баатыр болсун, баатыр! - дешти күүлдөй толкундаган көпчүлүк.

Ошентип, бул элдик салтанат, жыйында Айтемирге «Баатыр» деген наам берилди. Ошондо элине эт жүрөгү элжиреп, дили эргиген Айтемир:

-Кулдук, кулдук, сиздерге, кутмандуу журтум! «Эл четине жоо келсе, эр жигит карап жатчубу!» деген эмеспи улуу даанышмандарыбыз. Биз маңдайыбыз жерге тийгенче сиздердин кызматыңыздарда болобуз! Соолбос көл, куурабас алтын чынарсыздар, кереметүү күчтүн ээлери - касиеттүү, кадырман калкым! - деди кош колун көкүрөккө айкалыштырган Айтемир. Бул 1494-жылы эле...

## БАШ СӨӨК - ӨЧ АЛУУНУН ЫКМАСЫ

Ошол каардуу тирешүүлөрдөн соң Шейбани хан Ирандын ханы Ысмайыл менен согушуу үчүн Мургапка жөнөйт. Айыгышкан кан төгүшүүлөр, аёосуз беттешүүлөрдүн аягында Шейбани хан жеңилүүгө учурайт. Жашы жыйырма төрткө өтүп калган Ысмайыл шах Шейбани хандын баш сөөгүнөн шербет ичүүгө ылайыктатып, алтындан жалатып чөйчөк жасатат.

-Бул иш мен гана ушул жолу баштаган өч алуунун жогорку ыкмасы эмес. Мурдагы замандарда да болгон адат экен! - деп



өзүнчө маашырлана сыймыктаныптыр, тамагын такылдата шербет куйдуруп ичкен Ысмайыл.

**Автор:** -Ушул көрүнүштөн улам мен бир китептен окуган ой эсиме түштү.

**К. Раев:** -Ал кайсыл ой экен, айта кетсеңиз?

**Автор:** -Кеменгер жазуучубуз Чыңгыз Айтматов, казактын атактуу акыны М.Шаханов менен ой бөлгөн «Аскада калган аңчынын ыйы» деген китепте: «Маселен, биздин жыл санагыбызга чейинки VI кылымда сак-массагеттердин Томирис деген аял падышасы... Ассирия менен, Мидия менен жакшы алакада болгон. Перси падышасы – атактуу Кир II нин өзү сактар менен достук келишимдерин түзгөн. Мындай антташууга сабырдуулук менен мамиле жасабайт, Орто Азия менен Казакстан жерин жайлаган сак-массагет элин кириптер кылып, чаап алууга умтулган кыян-кески согушта перси аскери таш-талканы чыгып, жеңилип, Кир II нин өзү майдан талаасында каза тапкан. Ушул салгылашуу тууралуу грек тарыхчысы Геродот: «Массагеттердин аял падышасы Томирис салгылашта парсыларды жеңгенден кийин, Кир падышанын башын кесип алып, кан толтурулган чаначка салдырды да, «өмүр бою эңсегениң кан эле, кумарың канганча ич» - деп чаначты дарыяга ыргыттырды» - деген маалымат калтырган... Арийне, өткөн кылымдарда мындай канкорлук ар бир калктын тарыхынан кездешкен, биз муну даңазалоодон оолакпыз. Ошондуктан кечээги чындыкты өз калыбында айтсак, бизди эч ким күнөөлөй койбос» - деп жазган. Демек, «адам турмушунда мындай төбө чачты тик тургузган окуялар көп болгон экен го» десек аша чапкандык болбоочудай.

## УСТАТ - АТА-ЭНЕЛЕРДЕН КИЙИНКИ ЖАКЫН АДАМ

Айтемирдин колуна туткунга түшкөн Абдулла лашкер башчынын тагдыры тууралуу кеңешкенде, Гүлбаар эне ошол чакта баатыр уулуна мындай деди:

-Эми «акылдуулук менен ойлогон кишиге өзүнүн устаты - анын ата-энесинен кийинки акылгөйү, жакыны, боордошу болот» дешкен, зор жыйындарда акыл калчап, ой бөлүшкөн дил билги карыялар. Анын сыңарындай, эми уулум, мен да сага мурда айтуудан кооптонуп, этияттанып, чоочулай жүрүп, сактап келген жалгыз дил сырымды, өзөктү өрттөгөндөн сактанган аруу пикир, пайдалуу кеңешимди айтар кезим келди окшойт, кулунум! - деди

Айтемирге өтө сылыктык, токтоолук, жумшактык, аёочулук менен сөз баштаган Гүлбаар, энелик каадада, олуттуу жыйынтыкка келгенин билдирип, -эмне дейсиң уулум, угасыңбы айтаарымды?

-Албетте, албетте, эне? Сиздин сөзүңүз биз-перзент-териңиз үчүн алтындан да кымбат бир таберик, тартуу, белек деп ойлойм. Айта бериңиз, кулагым сизде?

-«Адамдын башы - тагдырдын ташы» дейт экен кемеңгер инсандар. Анын сыңарындай, Алланын жердеги өкүлү, орошон инсандар. Анын сыңарындай, Алланын жердеги өкүлү, орошон журтунун, даназалуу Самарканд өлкө – дөөлөтүнүн өкүмдарына аттап-тондоп дегендей, ак ниет, асыл мүдөө, үзүлбөгөн үмүт менен жөнөткөнбүз, ошондо, Кудайга миң мертебе ыракмат, шүгүр, ал жактан атан төөгө жүктөлгөн асыл заттардан өдөрөөк улук табылга, зор оомат, эр жигит-тик улук касиет менен лашкер башчылыкка шакирт болуп кайттың. Ошол жупуну, бирок теңдеши жок утушуңда дал ушул мыкты, жөн билги, сенин дилиңе жакын устат-кеңешчиң болгон Абдулла аскер башчындын айтып бүткүс салымы, асыл кайрымдуулугу, инсандык зор камкордугу жатат да, кубатым! Ушул адам болбогондо сен кимге барып, кимдин көзүн карап, жалдырап: «мени телчиктирип үйрөтүң?» демек элең? Бул да болсо ошол убактагы сенин маңдайыңа Эгем жазган, буйруган, ыроологон улук оомат, чоң зоболо болгон, азаматым! Ушуну жети ойлонуп, бир кесерлик, марттык, жоомарттык менен акылыңда ойлоп, өкчөп, экчеп, эр жигитче чечкин дагы, устатыңа теңдешсиз белек катары, жалгыз башын өлүмдөн куткарып, батасын алгын, өзүнө жоop бергин, эркетайым?!

-Макул, алтыным апам? Кандай жөнөтөм? - деген Айтемир, Абдулла устатына муну айтты:

-Сизге жакшы кабар! Эми эң жакын санаалаштай коштошолу, устатым! Ушул азыр сиз менен кайыр-лашаарымда, бир кездеги сиздин катаал сыноо, аёосуз кармашууларга багыттап, өтө өжөрлөнгөн талаптуулук менен айткан акыл-кеңешиңизди дагы бир ирет дыкаттуулук менен эстедим! Мен ошондо сиз менен соңку жолку быйылкыдай касташкандык, каардуу-заардуу, бири-бирибизди кечире албай, аябай ызырынуу, ырайымсыздык менен жолугушаары-бызды түк ойлогон эмесмин. Сиз деле ушундай пикирде болгонсуз да, ошол заманда. Эми баштан көп ишти өткөрдүк го. Демек, согушта «күч атасын тааныбайт» тура. Буга тан берүү гана керек экен. Макул, устат бар болуңуз, узак жашаңыз! Өкүнбөй, кектенбей өмүр



сүрүңүз?! - дегенде Абдулла да маанайы жазыла түшүп, өз оюн билдирди.

-Сенин бой, турпат, сырдуу жылдызы бар өң-келбетиңе ой бөлүп, мен ошондо эле ичимден ымалам келишээрин байкагам. Сенден ушунчалык эл перзенти, келечекте баатыр чыгаарын болжогом. Ооба, ошондо мен жаңылышпаган экенмин. Мына, анын соңу ушунчалык олуттуу натыйжага туш келтирди. Макул, чоң ыракмат! - деп, экөө кучакташа калышып:

-Кош эми! - дешип, жадыраган маанай менен бөлүнүштү...

Ошондон соң Айтемир энесине келип:

-Өтө жакшы салт-адат менен кетти, апа! Төбөсү көккө жеткендей сүйүндү! - деди өзүнчө да дилинде бул ишке ыраазылангандыгын билдирип.

-Бали, балам! Дал ушул касиетиң сенин түп-тегиңдин улуу инсандардын урпагы, тукуму, туягы экендигиңден дарек берип, далил болуп турат. Бул бир де. Экинчиси, сенден жашыра турган ашыкча оюм жок. Бизден мурдагылар айткандай, менин деле өнүккөн-өскөнүм, атаң экөөбүздүн тапканыбыз - силер болдуңар. Эмки барар жер, жатар ордум-гөр эле болуп калат го, жаратkандын буйругу менен деп ойлойм. Ошон үчүн дагы айтаарым-бул. Силер мен баштаган инилериң Карагунас, Учар, карындашың Канышай эми өсүп-өндүңөр, эрезеге жетип, эл катарына кошулдуңар, тамыр жайып, аброй таптыңар. Инилериңди, карындашыңды чакыр! Менин оюмда силерге арналган айтар ой, негиздүү кабарым бар.

-Куп болот, энекебиз! - деген Айтемир инилери менен карындашын чакыртып, чогулушту...

-Асылзаада, кымбаттуу болгон менин уулдарым Айтемир, Каракунас, Учар, чолпон жылдыздай сезилген, асмандан мага нур чачып турган кызым Канышай!

Улуу жараткан Эгемге, анын биздин мойнубузга жазган тагдыр насип, ырыскысына мына бүгүн миң шүгүрчүлүк менен ыраазымын! Эми ачыгын айтайын: Силер кул эмессиңер! Теги-түбүңөр таза, хандардын тукуму, урпагы, алтын туягысыңар! Ар жагын айтпай эле кийинкирээгин айтайын. Бодончар хан, анын уулу Токо хан, уулу Дутуман хан, Койду хан, Байшумкар хан, Түмөн хан, уулу Кабылды хан, уулу Бартан хан, Эсегей хан, Чыңгыз хан, Жоочу хан, Шейбани хан. («Кыргыздар» деген китептен), Өзбек хан, Абулхайырхан, Түркмөн баатыр, Төлө

Датка, Абдулла кушбеги, Бодон чаар агасы, (Бөжөн Жоро агасы, өз атаңар). Мына, силердин кимдигиңер!

Ал эми силер менен ушул күнгө чейин душмандашып, каршылашып, согушуп келгендер жат эмес, түбү-теги силерге тууган болгондор, айнанайындарым. Ушуну эсиңерден чыгарбай жүргүлө. Эми кубанып, кучакташып, бири-бириңерди куттуктапшып, элге чоң той, даңазалуу маараке бере бергиле азиздерим, ардактууларым! - дегенде, Айтемир толкунданган, шаңдуу маанай менен:

-Биртике сабырдуулук болсун, сабырдуулук?! - деп муну айтты, -Оо, касиеттүү, кереметтүү, улуу инсан! Дүйнөдөгү өзүнө теңдеши жок, адамзаттын ыйык урпагы алтын энебиз! Караңызчы: сиз ушул азыр бизге айткан айкын кабар, кубанарлык зор жаңылыгыңыз тим эле биздер үчүн бир башкача аалам, туюп-билбеген, укпаган, өңдө-түштө көрүнбөгөн, сезилбеген укмуш, чокон табылга, жаңырык, канаттуу сөз, асыл бир улуулук го! Ушуну ошончо жылдан бери аруу дилиңизде аздектеп сактап, кастарлап жүрүп келген сабыр-такаатыңызга бали! - деп кучак жая, Айтемир-ден баштап бардык ушул үй-бүлөлүк чөйрөдө тургандар дүүлдөп-дуулдай келишип, эненин кучагына сыйып, толуп-ташып турушту. Эненин бетинен чопулдата өөп жатышты.

-Бар болгула, көп жашагыла кулундарым! - деп Гүлбаар эне да өзүнчө өзүн токтото албай, өпкө-өпкөсүнө батпай, жылдызы жаркый эргип, бир түр менен жадырап, сыймыктана каалгып, балдарына, кызына энелик мээримин төгүп-чачып ыроолоп, денесине сыйбай балкып турду.

## ОСУЯТ - ДААНЫШМАНДЫК ОЙДУН МАҢЫЗЫ

Айтемир баатыр хан ордосунда, эл арасында, журт ичинде болгон кездеринде олуялык ойлору, даанышмандык курч сөздөрү, баатырдык өжөрдүгү нуска катары журтка тараган.

-Өлкө чеги, мамлекеттин ички тамыры кудум биз жашаган айылдан башталат. Ошон үчүн да элибизде, "Мекке, Мединага кетчү жол кудум ушул айыл-кыштактан башталат" деген учкул сөз бар. Ошондуктан, биринчи иретте айлыбызды, туулган жерди, мамлекетти сактообуз парз.

Хадистерде айтылгандай, Кудай Таала ар бир пайгамбарды жөнөткөндө ага кереметтүү өзгөчөлүк берген, аны колдонуп, элге сыйкырдуу күчүн көрсөтүп, Кудай жолуна моюн сундуруп башкарткан.



Ыдырыс пайгамбар иш баштаганда акыл жеткис кылып (азыркы Апшыр-Ата) "сүттөн шаркыратма" жасаган. Олуялар мындай сүт булак бейиште гана бардыгын сөз кылган. Бул жайдын ажайыптыгы ар кимди таң калтырбай койбойт. Ыдырыс пайгамбар жашап, назары түшкөн жер өтө касиеттүү. Мындай ажайып жер бир гана жерде - Ала-Тоо жергесинде, кыргыз деген элде жайгашкандыгы кандай улуулукка, кереметтүүлүккө ээ. Мына, караңыздарчы, чыгыш жагыбызда сакчыдай Кара-Дөбө, ыйык жай Апшыр-Ата, түштүк жагыбызда Гөвзан-Тоо, Туура-Кыр узунунан турса, ага бетме-бет созулган кырка кызыл кырлар, Кыркол, Таш-Булак, Жин-Жиген, Эшме-Булак, (Кызыл-Кыя), Үч-Коргон эли-жерибизге бекем чеп сыяктуу турушат деп, Оргу-Тейит урууларынын бейпилдигине көңүл бурган.

"Жер - казына" дейт ата-бабаларыбыз. Аны иштете билүү керек. Бул үчүн дыйкан болуу шарапаттуу кесип. Алла Таала дыйканды "палваным менин — ал дыйкан" дейт экен. Демек, дыйкан - жердин ээси да, түшүм берекенин жаратуу-чусу да экен. Эл-журт үчүн бар болсун дыйкандар.

Ал эми өнөр, билим деген насиптер да калкыбыз үчүн өтө зарыл болуп келген артыкчылыктар. "Эр жигитке жетимиш өнөр аз" дейт акылмандар. "Өнөрүң болсо өргө чап", "Өнөрүң болсо өлбөйсүң" деген сөздөр да ошондон. Бул багытта Давуд пайгамбардын жолун улантып, темир менен иштөөгө өжөрлөнө, кызыга көңүлө, балдарым! — дейт экен бабабыз, өз перзенттерине да, башка жаштарга да кайрылганда.

"Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат" деген чоң сөз бар. Билим алууңун негизги түйшүгү - "ийне менен кудук казганга барабар" экен. Ошондуктан да билим алууну Кытайдан болсо да тартынбай үйрөнүп келүүнү бизге насыят катары калтырган даанышмандарыбыз.

Эми ушул асыл ниет, мүдөөлөр менен бирге элибизде ынтымак-ырашкерликтин болгону эң эле орчундуу, маанилүү касиет болуп эсептелет. Илгертеден бери калкыбызда "Ырыс алды ынтымак" деген насыят-осуят айтылып келет. Атадан алтоо болсоң да, ынтымакташ болбосоң, акыры бир күн жалгызсың" делет. Ошондуктан, улуу-кичүү урматтуулар, ар качан "Күч биримдикте" болоорун унутпай жүрүңүздөр.

Эми мусулманчылыгыбыз тууралуу айтсак. Исламды кабыл алып,мусулманчылыкка өткөн ар бир момун:

"Ашхаду ан-лаа илааха иллаллаху ва ашхаду анна Мухаммадан Расулуллах" деген ибаранын мазмунун түшүнгөн түрдө айтуусу керек. Анын мазмуну: "Алладан бөлөк кудай жоктугуна жана Мухаммед анын пайгамбары экендигине ишеним" дегендик.

Беш убак намаз окуусу жана аны ар күнү аткаруусу.

Рамазан айында толук орозо кармоосу.

Кирешесинен жылда бир жолу зекет берүүсү.

Шарт, мүмкүнчүлүгү болсо өмүрүндө бир жолу Ажылыкка баруусу.

Ушул беш шарт Исламдын парзы деп айтылат.

Ал эми Намаз - бардык жакшылыктардын ачкычы экендиги белгилүү. Ошондуктан намазды ар качан, кандай шартта болсо да окуп, Аллага сыйынуу эң жогорку милдеттиги айкын. "Перзентине Курани Каримди үйрөткөн атага Кыямат күнүндө султан таажы кийгизилет" дешет уламалар.

Дагы бир хадисте айтылат: "Кимде-ким ыйык Курандын биринчи сүрөөсү болгон "Ал-Фатиха" сүрөөсүн үч жолу жатка окуса, ыйык Курандын өзүн эки жолу окугандай болот".

Анан: Силердин араңардагы мыктыңар - Куранды оболу өзү жакшы үйрөнүп, (анан аны) башкаларга үйрөткөнүңөр"-дептир. Бухари, Абу Дауд, Тирмизий.

Эми хадис айткан уламалардын, сахабалардын сөзүнөн келтирейин. "Балдарыңар тили чыгып сүйлөй баштаган кезде аларга "Лаа илааха иллаллох" келмесин үйрөткүлө. Рамазан айы сабыр айы. Сабырдын сообу жаннат. Жардамдашуу айы. Анда момундардын ырыскысы көбөйөт. Курани Каримди ыйлап окугула, эгер ыйлай албасаңар ыйлаган сыяктуу окугула" деген алар.

Пайгамбар (С.А.В.) эки мүрзөнүн жанынан өтүп баратып, мындай деди: "Алар азап тартууда, чоң бир иш үчүн эмес, бирок даарат ушаткандан кийин жакшылап тазаланбаганы үчүн, дагы бири ушакчылык кылгандыгы үчүн азап тартууда". (Бухари, Вуду.).

Ошондуктан, урматтуу жердеш, азиз мусулмандар ар убак Алланы жаттап, дилиңерди таза кармоого адаттана берсеңиздер эле мүдөөңүздөргө Кудай өзү жеткире берсин, оомийин! - дептир чоң жыйын, маарекелерде, Айтемир бабабыз.



## АЙТЕМИРДИН БАЛДАРЫ, УРПАКТАРЫ

**Автор:** -Баяныбызды улантсак, Айтемирдин балдары, урпактары жөнүндө айтсаңыз?

**К.Раев.** -Ошол легендарлуу Айтемир баатыр бабабыздын эл ичинен издешип, сүйлөшүп, дидарлашып табышып, ынтымактуу өмүр сүрүшкөн жубайы Бактыгүл эне экөөнүн беш уулу болот. Эң чоңу Кара-Козу, андан кийинкилери Кулуштан казы, Кара-Тума, Тегешен, Ындыстан. Өз аттары өчүп, жеңелери тергеген аттары калат.

Айтемир бабабыз 1450-жылдары төрөлгөн. 1530-жылдары 80 жаш курагында Үч-Коргондо дүйнөдөн кайткан. Алтын жасаты Үч-Коргондогу эски мазарда. Айтемир баатырды жайга койгондо беш баласы беш таш койгон экен. 1996-жылы күмбөздү жаңыртып курган кезде беш таш чыкты. Үч таш өтө чоң, экөөсү кичине. Мындай ой жүгүртүүгө болот. Биринчи үч баласы бой жетип, күчкө толуп турган маалы экен, калган эки баласы өспүрүм чагы окшойт. Беш ташты баргандар көрүштү. Ал күмбөздүн ичинде турат.

Айтемирдин Кара-Козусунан Атакул, Ак Махамат, Тилла мерген деген үч уул болот. Кулуштандан Адыл, Сары, Кара-Тумадан Бекмурат, Кожомкул, Тегешенден Чоко.

Кыязы Айтемирдин атасы Бөдөнчаар агасынын: (мен ушинтип атадым) «Сыр сактоо» боюнча керээзи өтө кыраакылык, кылдаттык жана сактык, туруктуулук менен укумдан-тукумга өтүп сакталып келгендей. «Өлгөнбү» же тирүүбү, ким билет делинип келинген «Ындыстан» тирүү эле Жети-Өгүздөгү Чычкан айылында (Молдо Таштандын билдирүүсүндө) жүрүп, тукуму өсүп, санжыраны канатына катып, кээ кокустук кырдаал болгондо, түштүктөгү бир туугандарына тез алып-учуп жеткирип жүргөн шекилдүү. Ошентсе да санжыра колдон-колго өтүп жоголбой жүргөндүгүнө көзү жеткендер ошончо жылдар бою артынан сая түшүп жүрүптүр.

Ындыстан бабабыздан таркагандар туурасында бизге жеткен маалыматтар аз. Бирок, Жети-Өгүз районундагы Чычкан айылында Абдырахман уулу Мухаммед же ушул жерди

мекендеген Ындыстан уруусу жашайт деген дарек бар. Айтемир бабабыздын ушул уулунан таркаган туугандардан да даректүү баяндар жазылат деген чоң үмүтүбүз бар.

Жакынкы эле жылдардагы эшитилген жана кабардар кылган даректерге кайрыла турган болсок, жогорудагы Ындыстандан таркагандар – Баткен, Лейлек аймагында жана башка чөлкөмдөрдө: Ындыстандын уулу Эшкаранын ысмында жашайт экен. Эшкаранын уруусунун атуулдары эми «Үй-бүлөлүк жазма» санжырага ысымдарын кошот деген ой-санаабыз, үмүтүбүз үзүлбөйт.

Ичкилик аймагындагы Чал Тейит уруусунан хан Сатыбалды, анын уулу Сарыбай, алардын аскер башчысы болгон Айтемир баатыр туурасында эл оозунда учкай сөз болуп келди. Эгемендүүлүктүн нурдуу шарапатынын айдыңынан сезимтал билермандар, куйма кулак санжырачылар, акылга бай кутман карыялар бири-биринен атаандаша ата-бабаларыбыз жат кылып айтып келген санжыраларын улантып айта баштаашты. Кала берсе жазма беттеринен да жарыялоого мүмкүнчүлүк алышты.

Ушундай ойдун толкунунда сүзүп турган кезде Т.Зулпуевдин «Кыя жолдор дастаны» 1990-жылы колубузга тийди. Анда хан Сатыбалды жана Айтемир жөнүндө кыскача айтат да, «Гөөзөн тоолорунун этегинде алардан таркагандар көп азыр» - деп жазат башкарма, журналист автор.

Бирок, Айтемир жөнүндө аздыр-көптүр санжыра айткан кары-жаш дурус эле бар экен. Карыялардан маркум Токтор ажы жана эмгек ардагери Мамат Исмаилов, Мамашер Иметов, Турганбай Бакиев, Төлөбай Раимкулов, Сапан Жумабаев, Таштан Муратов жана башкалар. Булар өз уруусун көкөлөтүп мактап, башка урууларды бөлүп-жарып пастатпай, «кыргызда уруусун билип, жети атасын атап үйрөнүү салт катары» деп калыс билгендерин айтышат. Баарыбыз Түрк атанын балдары - «кыргызбыз», бир эл, бир журтпуз» дешет. Ар убак ички ынтымакты бекемдөөгө, аны бузуп албоого көңүл бурушат.

Эми Айтемирдин Кара-Козусунун Меңдибай тобундагы Кудайбердиден Досназар, Гайназар Сайназар, Кошбото, Мамат – беш уул, Кагаз, Катча эки кыз таркайт. Досназардан бир уул Имет, Күмүш, Асал деген эки кыз болот. Имет чоң атабыз 1886-жылы төрөлгөн жана жаштайынан чыйрак өскөн. Түштүк Кыргызстанда эң биринчилерден болуп Улуттук боштондук кыймылды негиздеген болот.

Улуттук боштондук кыймылды Совет бийлиги «басмачылар» деп атаган. Ушул кыймылдын башында ошол замандын мыкты уулдары Арстанбек Алымкул уулу (Кара Тума), Имет (Кара-Козу), Султан (Акчал), Байзак (Алак), Бороон (чүчүк), Бекмурат (Төөлөс), Ысман (Канды), Жаңыбай (Отуз уул) лашкер башчылар жана паңсаттар турган.

Имет 1921-жылы Айтемир деген уулдуу болот. Атын Кара-Туманын Кожомкул тобунан таркаган Базарбай палван койгон, «Айтемир бабабыздай болсун» деп.

Имет уулу Айтемир Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Кавказ согушуна катышкан. Иран мамлекетинин территориясында Тегеран конференциясынын катышуучу-лары - союздаштар Америка Мамлекетинин президенти Рузвельт, Англиянын премьер-министри Черчилл, Советтер Союзунун жетекчиси Сталин катышкан жетекчилерди кайтарып (күзөттө) турушкан. «Каарман калкы кылымдар бою «Эркиндик!» деп күрөшкөн Советтер өлкөсүнө кызмат кыламын!» деген арстан жүрөктүү жигит өз милдетин өтө кыраакылык менен аткарган.

Согуштан кийин шаардын партиялык комитетинде иштейт. Атасына байланыштуу мугалимдик кесипке өтөт. 1970-жылы «Эл агартуунун отличниги» деген наам берилет. 1978-жылы 57 жашында дүйнөдөн кайтат.

Ата журтка сиңирген эмгеги үчүн шаардын жетекчилери, коомчулук 1991-жылы 1-сентябрда шаардагы № 7-орто мектепке атын ыйгарышат. Айтемирдин артында алты перзенти калды. Алар: Кадыралы, Мамашер, Ибрагим, Абдумиталип, Алишер, Таалайбек.

Айтемир баатырдын тукумдарына дагы токтоло турган болсок. Элдин боштондугу үчүн күрөшкөн, түштүктөгү биринчи корбашылардан болгон Арсланбек (Жин-Жиген поселкасынан)

чыккан. Айтемирдин Кара-Тума уулунун тукуму болгон жаш корбашы Арсланбек Мойдунбектин колунан мертинген. Мындан тышкары чоң уулу Кара-Козудан бир катар казы, бийлер, миңбашы, жүзбашылар эли үчүн (Кызыл-Кыя шаары) ак дилден калыс жана адилеттүү кызмат өтөшкөн.

Бүгүнкү күндө да эгемендүү мамлекетибиздин келечеги үчүн, шаарыбыздын гүлдөп-өсүшү үчүн күч үрөп, ак эмгектенген атуулдар ондоп саналат. Алардын катарынан жөнөкөй жумушчулардан тартып, коомдук ишмерлер, жогору даражалуу аскер кызматкерлери, окумуштуулар чыккан. Мисалга Кара-Тумадан ага-ини Тажибаевдерди айталы. Кушбак – техникалык илимдин доктору. Иниси Курбанбек – электротехникалык илимдин кандидаты (Кулатов айылы), маркум Мурзалиев Жоробай (Үч-Коргон айылы), биология илиминин кандидаты болгон. Кулуштан казынын тукуму Давлет Эгемназаров – тарых илими боюнча кандидат, Абдуталип Султанов «Ошинвесттин» төрагасы. Кара-Козу бабабыздын тукуму Олжобай Шератов Кызыл-Кыя шаардык Кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Мындай мисалдарды келтире берсе өтө көп.

Биз сөз кылган Айтемир баатырдын төрт уулунан таркагандардын көпчүлүгү азыркы учурда Апшыр, Исфайрам дарыяларынын жээктеринде жана ушул эки дарыянын аралыгындагы – Кыр-Кол башы, Ак-Терек, Чоко, Кыр-Манас, Жин-Жиген, Эшме-Булак (Кызыл-Кыя), Чаавай, Үч-Коргондо тукуму өсүп келсе, калгандары түндүк-түштүктүн ар кай жеринде, коңшу мамлекеттерде үзүрлүү жашап жатышат.

## АКЫЛМАН УУЛ - ЭЛИНИН ДАҢКЫ

**Автор:** Эми кеп кезеги келгендеги бир ой. "Адам баласы бири-бирине себепкер" деген сөз бар эмеспи элибизде. Айтемир да Сарыбай ханга бир себепкер болгон го. Бул жөнүндө сиздин пикириңиз?...

**К. Раев:** Ырас "... Ичкиликтердин атактуу баатыры Тейитке (андан тейит тукуму таркаган) да ок жаңылган, - дейт О.



Айтымбетов, өзүнүн "Улуу баатыр баяны" аттуу эмгегинде "Ала-Тоо 3 .1990-жыл".

Ушул Тейит баатырдан таркагандар: Чал Тейит, Бай Тейит, Арык Тейит, Сары Тейит, Кара Тейит, Чоң Тейит, Чой Тейит, Айтемир Тейит жана башка тейит урууларь өз доорунда Айтемир баатыр хан Сарыбайдын хан болушуна да чоң роль ойногон замандашы болгон. Хан Сарыбайдын (Чал тейит) тукумдарынан да тарыхта белгилүү орду бар инсандар чыккан. Алсак, 40 жыл өкмөт башчы, Кызыл-Кыя шаарынын күжүрмөн шахтёру болгон Төрөбай Кулатов. Кыргызстанды эң узак жетектегендердин бири. Туура 40 жыл, башкача айтканда, 1938-45-жылдардагы өкмөт башчы, тагыраак айтканда, Кыргыз ССР Эл комиссарлар Советинин төрагасы, андан кийин 33 жыл бою (1945-1978) Кыргыз ССР Жогорку Советине төрага болуп иштеген, Сталинге 3 жолу кирген жалгыз кыргыз Төрөбай Кулатов болгон. ("Эркин Тоо", 2013-жылдын 5-марты). Ошондуктан, бул улуу мамлекеттик жетекчи жөнүндө, арийне, көптөгөн эмгектер менен бирге, өз жердеши Токтосун Нурматов "Кулаттын уулу Төрөбай" деген көлөмдүү поэмасын элге тартууласа, атактуу жазуучу Таш Мияшев "Баарыбыздын атабыз" деген, калкыбыз кадырлап-таспиеттеп, сүйүп окуган повестин жазган.

"Акыркы жолу Төрөбай Кулатов менен 1972-жылы Чаткалда бетме-бет келип сүйлөштүм; деп жазат автор ошол китебинде, - Бул аймакты Жаңы-Базар дейт экен. Ошол жерге Ала-Бука райкомунун 1-катчысы Абдибаит Тажибаев баштап Төрөбай Кулатов, Султан Ибраимов, Барпы Рысбаев ж.б. жетекчилер келишти. Салтанаттуу жыйын түшкө жакын башталды...

- Сахнага чыгып ырыңды окуйсуң. Даярдана бер; - деди Рыспаев.

Кийин мага да кезек келди.

"Чаткал деген чалкар бекен чынында,
Не бир сөздөр өзгөрбөдү кылымда.
Чалкып жаткан өзөндөрдү көрөсүң,
Чапчымадан кайсыл жакка бурулба...

... Жүргүн, курбум, өздөштүрүп Чаткалды,

Жол куралы, кулатып тоо-таштарды.

Кенен жайык-Жаңы-Базар аймагы,

Келгиле деп, үндөп жатат жаштарды!" – деп ырымды бүттүм.

Биринчи болуп Төрөбай Кулатов колумду кысты...

Ошондо мен ыр окуп бүтүп отургандан кийин Төрөбай Кулатов жанындагы Абдибаит Тажибаевден мен жөнүндө сурагандай болгон. Албетте, мени таанибайт эле. Жашымда гана бир жолу үйүнө барганымда сүйлөшкөнбүз. Сый тамактан кийин эс алып, экөөбүз бирге басып калдык.

- Эжем кандай? – деди Кулатов туюк эле.

- Апам каза болгон, эки жыл өттү, - дедим.

- Арты кайырлуу болсун, - деди Кулатов, - бир аз унчук-пай тургандан кийин, - силерди атала таап берип жүрүп чоңойтту эле... Көп кыйналып бакты эле... Канча жашка келген экен?

64.

- Дагы жашаса болмок. Эми арбагын сыйлагыла. А сен жигит, ишиңен ката кетирбе. Өнөрүңдү улант... Китептериң чыгып атабы?

- Чыгып атат...

- А жакшы. Партиянын жолунда түз жүр! – деди.

...Тирүү жүргөндө пенделер бири-бирибиздин кадырыбызга жетпейт экенбиз. Мен да ошенттимби? Билбейм ... Кантсе да мен үчүн ысымдары өтө кымбат алардын арбактарынан кечирим сурайм... Эмесе, бул китебим аларга койгон эстелигим, гүлдестем болсун!" - дейт автор.

Ошондой эле Арык тейит, Оргу, Алак, Төөлес уруулары да мыкты уулдарды берди. Аганы көрүп ини өсөт дегендей, шаарыбыздагы №6-Токтогул атындагы орто мектепти аяктаган, (Апшыр-Ата чөлкөмүндөгү ичкиликтер тууралуу сөз болуп жатат, К.Р), азыр Россиянын Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөп жаткан генерал Рашид Дурсу уулу Орозматов жана башка ушул сыяктуулар.



## КҮМБӨЗ - КЫЛЫМДАРДЫН КҮБӨСҮ

**"Күмбөз - эстелик, басып өткөн из..."**
**(Куттумидин Базаркулов, жазуучу).**

**К.Раев.** -Кийинки сөзүмдү уланта берейин.

Элдик санжырачылар Айтемир баатырдын бейити Үч-Коргондо деп айтып жүрүшкөндүгү маалым. Мүрзөсү да санжыра сыяктуу атадан балага, тууган-туушкандарга көрсөтүп айтылып, кала берсе Үч-Коргондо жашаган бир тууган тажик калкынын да унутпай келгендиги - сыймыктуу иш. Баатырга атап жаңы күмбөз тургузулду.

Чаувайлык маркум Турсун Жусупалиев Айтемир баатырдын күмбөзүн тургузууга көп аракет жасады. Бирок, ал максаты ишке ашпай кетти. Баатырга таазим иретинде жаркырата шандуу күмбөз тургузуу иши кайра аксакалдар тарабынан колго алынды. Буга чейин Ислам Садыков, Колдош Абдыразаковдор (Калтак) аракет кылышты, кабыр тургузууга. Бирок, токтоп калат. Кийин бул милдетти кара тумалар көтөрүп чыгышты. Кулуштан, Кара-Козу, Тегешенден таркагандар бирдиктүү колдошту. Молдо Токтор ажы 86 жаштагы (Кара Тума), молдо Таштан (Тегешен) 1928-жылы туулган, Султан Мадимар уулу 1920-жылы туулган, он уулу менен (Кулуштан), Бөрүбай Исмаил уулу (Кара Козу), Колдош Абдыразаков 1938-жылы туулган, Балтабай Абдирашитов 1951-жылы туулган, (Каратума), Мамазия Кааров 1923-жылы туулган, (Каратума), Нимат Сейитбеков 1940-жылы туулган (Кулуштан), Төлөбай Раимбеков 1941-жылы туулган (Каратума) жана башка атуулдар уюштурушту.



1996-жылы кайра курулган күмбөз.

"Көп түкүрсө көл болот" дегендей, Айтемир уруусу биримдикти көрсөтүшүп, колунан келген салымын кошуп, күмбөздү коз кылып бүтүрүштү. Буга ага-ини Буркан, Абдиталип Султановдор (Кулуштан), Сейдакмат Жусупов, Келдибек Колдошов, Курманбек Тажибаев (Каратума), Ташполот Акимов (Кара Козу), Колдош Абдыразаков (Калтак) жана башка атуулдар жардам беришти.

Күмбөздүн биринчи кышын 1910-жылы туулган, Каратумадан Токтор ажы аксакал, кичинекейлердин атынан 1987-жылы туулган (Калтак) Арстанбек Абдыразаков коюшту. Андан кийин "Табаракти" окуп, мүрзөдө жаткан азиз инсандарга куран окулуп, дуба арналып, ошондо көзүнөн жашын мончоктой төгүп туруп, аябай толкунданып, Маматумар уста кышты улантып тизе баштады. Эки уста Ороз, Полот ишти коштоп жиберишти. Чоколук Исраил Мамасадыков, Ниязбек Садыров-дор усталарга жардам беришти. Калтак бабабыздын урпактары усталарды эч нерседен кем кылбай, тамак-ашын камсыз кылып турушту.

Ошол кезде Мамашер Иметовдун "Айтемир уруусунун санжырасы" деген кол жазмасы редакцияга келип түштү. Биз аны газетага жарыялай электе күмбөздүн негизги курулушу бүтүп, "калган иштери акырындык менен бүтө берет" деген максатта көпчүлүк Айтемир баатырдын эскерүү маарекесин өткөрүүнү чечип, жер-жерлерден көп эл чакырылды. Үч-Коргондогу эски көрүстөнгө миңдеген калк чогулду. Алар баатырга таазим этишип, бата кылышты жана эскерүү сөздөрүн айтышты. Бул жыйынга катышкан М.Иметов "Айтемир баатыр, анын теги жөнүндөгү санжырасы" жыйыл-ган топко окуп берди. Уккан эл баатыр жөнүндө жакшы түшүнүккө ээ болду, дубандардан келген өкүлдөрдүн, Үч-Коргондогу тажик, өзбек бир тууган боордошторубуздун, канатташ жашаган айыл-кыштактардан келген меймандардын кызыгуусун жаратты. Маарекеге Ош, Жалал-Абад областарынан, жакынкы райондордон, коңшулаш жашаган Өзбекстандын Анжиян, Фергана дубандарынан, район-дорунан келген өкүлдөр да сөз сүйлөштү. Айрыкча миңдеген жылдардан бери бир туугандай, ырыс-ынтымактуу жашап келе



жаткан тажик туугандарыбыздын атынан сүйлөгөн Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн төрагасы Салижан Хамрабаевдин сөзү таасирдүү болду.

-Урматтуу, бүгүнкү зор жыйын-маарекенин катышуу-чулары, туугандар, ага-ини, бурадарлар! - деди ал. –"Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык" деп акылман калкыбыз айткандай, биз кыргыз менен тажик эчендеген кылымдардан бери кошуна жашап, жакшылыгыбызды, той-тамаша, маарекелерибизди бирге көрүп, бири-бирибизге кадырман, жакын, боордош болуп калганбыз. Каршылашкан жоо келсе бирге аттанып, аны жергебизден сүрүп, айдап, жок кылып, кырып түгөткөнгө үйрөнгөнбүз. Ошондой эл баатырларыбыздын бири - бүгүнкү атактуу маарекесин журтубуз өткөрүп жаткан Айтемир баатыр болуп саналат! - деди кеңири аянтта олтурган көпчүлүккө кайрылып.

-Айтемир баатыр тажик элинин да баатыры, бабасы. Ошондуктан, биздин эл бүгүнкү күнгө чейин атын жүрөгүндө сактап гана келбестен, мүрзөсүн да абайлап, этияттап сактап келди! - дегенде дүүлдөгөн көпчүлүк бир дуулдай калып, кол чабуулар менен айтылган сөздү коштоду.

-Сөз кезеги келгенде, сиздердин уруксатыңыздар менен тарыхыбыздан укай бир ойду кошумчалай кетейин.

Каардуу душманыбыз - калмактар Фергана өрөөнүн баскан кезде ичкилик чөлкөмүндөгү Кызыл-Кыя, Үч-Коргон жана башка аймактарда жашаган элдердин башына чоң күлпөт салган. Душманды талкалоо үчүн кыргыздар менен тажиктер (Үч-Коргон) бирдиктүү сокку берген. Душмандын эл-жерди аёосуз басып алуусунан куткарышкан. Ошентип, 1681-1753-жылдары калмактарды бул жерден кууп, талкалап жок кылышкан.

Айтылуу Айтемир баатырдын тукумунан чыккан Оочубектин уулу Баатырбек (Жин-Жиген) жана тажик элинин баатырыНияз Саркар менен күч топтоп, калмактарга бетме-бет тайманбай чыгышып, аларды жерине чейин жеткирип таштаган. Ал эми Баатырбек калмактардын баатыры менен эр сайышка да түшүп, аны жеңип коёт. Бирок ал калмактын жериндеги кармашууда

кайтыш болот. Нияз баатыр Үч-Коргонго жеңиш менен келет. Үч-Коргон эли баатырга арнап күмбөз куруп эскеришти.

Мына, чыныгы достугубузга таасын далил, эстен чыккыс эстелик дегенибиз ушул.

Эми азиз тууган, бурадар, ага-инилер, боордоштор! Менде бир эң жакшы ой болуп турат, ушул азыр. Бул иш жалпы боордош туугандардын дагы бир улуу ынтымак-таштыгына өбөлгө, негиз болсун! Менин айтаарым - эски мазарыбызды Айтемир баатырдын урматына "Достуктун мазары" деп атасак, эмне дейсиздер? - дегенде көпчүлүк толкундай түшүп:

-Бул эң туура, акылмандык, даанышмандык ой экен! Туура айтасыз, "Достуктун мазары" болсун! - деп кубаттап чыгышты.

Ошентип, бир тилектеш үч журт - кыргыз, тажик, өзбек калктарынын өкүлдөрү зор сый-урмат көрсөтүшүп, эски мазарды Айтемир баатырдын урматына "Достуктун мазары" деп аташты. Анан ушул жерде (көрүстөндө) азиз момун мусулмандарга атап, курандан сүрөлөр окулуп, көзгө жаш алуу менен унутулгус эскерүүлөр болду.

Казганактаган көпчүлүк Айтемир баатырдын жаңы күмбөзүнө таазим кылып, муңайды. Баатырдын урпактары, бабасы Айтемир жалгыз эле уруунун же улуттун баатыры эмес, жалпы канатташ жашаган элдин да баатыры экендигине чексиз ыраазы болушуп, өздөрүнө сыйбай толкундап турушту.

Кудум ушул зобололуу, сыймыктуу көрүнүштүн өзү кеменгер жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун: "Үңүлө карасаң, ар бир улуттун тарыхында эл болуп, чолпон жылдыздай жанып, ыйык күндү эске салган учурлар аз эмес. Анын көпчүлүгү тайпадан уруу, уруудан улут болуп уюп, барып-барып эгемендүү мамлекет болгон калктарыбыздын күрөш санжырасы экени талашсыз. Ошондуктан, мындай даңазалуу окуялар илгери кийин да эгемендик алган элдердин атайын маарекеси, майрамы иретинде белгилөөгө толук татыктуу" деген даанышман оюна шайкеш келип, айкашып тургандай эле.



## ЭР ТАМЫРЫ - ЖЕР ТАМЫРЫ ӨЗӨКТӨШ

Кожо-Арык - айылынын Кереге-Таш, Мурза-Дөбө жерлеринен канал казып, топурак алынган кезде кичинеси муштумдай, чоңу жүз чака суу батчуудай чоң гөзөлөр (карапалар), сапал табактар, жез мыктар менен кадакталган (чегеленген) баш сөөктөр, моюнга тагылган мончоктор табылган. Көөнө дүйнө деген ушу...

Илгертен бери маркумдун сөөгүн бейитке жашырып коюуда ар түрдүү үрп-адаттар колдонулуп келгендиги тарыхтан белгилүү. Ал эми Айтемир баатырдын мүрзөсүн казган учурда беш уулу беш таш койгондугу маалым болду. Жакынкы эле жылдарда маркумдун жакын тууган-туушканы талдан кыйылган таяктарды кармап, ага таянып, майышып ыйлачуу, аны мүрзөгө да алып барып коюшчу.

Уламалардын айткан хадистеринде Мухаммед пайгамбарыбыз бир күнү сахабалары менен көрүстөндүн жанындагы жолдон өтүп баратып, талдын чырпыгын сындырып, бир мүрзөнүн башына сайып коёт экен. Мунун себебин сураганда "Ушул бейитте (гөрдө) жаткан момундун жаннатка кирүүсү үчүн бир аз сооп жетпей атыптыр. Ушул талдын чырпыгы куураганча таспи айткан сообунан маркум жаннатка кирет" дептир. Ата-бабалардын гөргө таяк коюу салты ушундан калган окшойт.

Ошентип, маркум ааламдан өткөндө, анын жакын тууган-уругу, перзенттери жана эл-журту мүрзөсүнө белги коюу, эстелик тургузуу, күмбөз куруу салттарынын да өзүнчө жолдору бар. Алсак, бул чөлкөмдө азиз инсандарга атап күмбөз куруу салтына Апшыр-Атадагы Мир аттуу кишинин салдырган, азыр жарымы бүтүн, жарымы урап турган чоң күмбөздү мисал катары алууга болот. Муну Айтемир баатырдын экинчи уулу Кулуштан казынын небереси, Бийкенин баласы Мир салдырган деген божомолду айтууга туура келет. Бул Калтактин атасы Мир баба 16-17-кылымда жашап өткөн. Апшырдагы жападан жалгыз турган тарыхый архитектуралык эстелик ошол доордо тургузулгандай.

“Мейли миң жыл, мейли жүз жыл жашагын,
Бирок, чындык көр түбүндө жатаарың.
Падыша бол, кайырчы бол, баары бир,
Өлүм үчүн бирдей сенин катарың”- деп Омар Хаямдын айтканы нугунан бузулбаган чындык. Элдин урматы-на арзыган атуулдар көр түбүндө миңдеген жылдар бою жатса да унутулбайт тура. Дүйнөнү дүңгүрөтүп, “Манас” эпосунун 1000 жылдыгы шаңдуу белгиленип өттү. Эми түштүк элинде Айтемир баатырдын 555 жылдыгы даңазаланып олтурат. Минтип Айтемир баатырга күмбөз куруу эле аздык кылат. Ал өз доорунда жалындуу жүрөгүнүн алоолонгон отун, асыл сапатын, эл-жери үчүн кан-жанын аябаган. Анын ушул чексиз эрдиги жөнүндө көркөм образдуу түрдө урпактарга чоң таасир бере турган чыгармалар жазуу милдети турат.

Айтемир баатырдын чоң уулу Кара-Козу Кызыл-Кыянын (шаар мурда Эшме-Булак деп аталчу) пайдубалын түптөгөн, эң илгери мекендеген тургундарынын бири. Эшме-Булактын кантип “Кызыл-Кыя” болуп кеткендигине 500 жылдан бери жашап келе жаткан кара-козулуктардын да таасири бар деп ойлоймун. Алар “Кайда жашайсыңар?” деген суроого:

“Кызыл кырларда”, “Кызыл күңгөйлрдө” же “Кызыл кыя жерлердордо”, “Кыяларда жүрөбүз” деген сыяктуу өз ара сүйлөшүүлөрдүн негизинде “Кызыл-Кыя” болуп аталып келгендей.

Шаардын чыгышы Айтемир баатырдын Кара-Козу уулунун атында, батыш жагындагы шаарча чебереси Калтактин наамында айтылып келет.

Шаарга куур аркылуу булактарынан таза, тунук суу берип турган кыштактын аты да баатырдын экинчи уулу Кулуштандын атында.

## ЫР КАЙРЫКТА - АЙТЕМИР ШАРАПАТЫ

**Автор:** Кадырали мырза, ыр сүйгөн жансыз. Айтемир баатыр тууралуу ыр саптарыңыздан бир шиңгил келтирип айтып берсеңиз?

-Макул, дилдеги сөз да, бул оюңуз!



Жылкычы Абаш айтат:

Гөвзанда өсөт жазда “Чындык гүлү”,
Дүйнөдө сансыз гүлдүн жалгыз бири.
Бул гүлдүн өңү кооз, жыты башка,
Жүрөккө тартуу кылат чексиз сүйүү.

Сен үзүп берген болсоң сүйгөнүңө,
Береке кирди дей бер өмүрүңө,-
Деп Абаш гүлдү койду дасторконго,
Олтурсак мейман болуп боз үйүңдө.

-Кош, -деди, -сурашалы ал-абалды,
Билемин мен, айтсаңар атаңарды.
Жети ата, андан ары айтып кирди,
Бул киши санжырадан кабардарбы..

-Бабам баатыр Айтемир деп айткычакты,
Бабырап кыскача айтты Сарыбайды.
-Эске түй! Чал Тейиттин тукумунан,
Хан болгон Сатыбалды өтө жакшы.

Чал Тейиттин урпагы Сатыбалды,
Сарыбайдын кадырлуу өз атасы.
Сарыбай, Акчал экөөн эл кадырлап,
Сарыбай жана Акчал болду аты.

Эл - журтту коргоп өткөн баатырлары,
Эр жүрөк, жолборс мүнөз уулдары.
Силер айткан Айтемир жалгыз гана,
Бөдөнчаар агасынын өз баласы.

Бөдөнчаардан тараган уруктары,
Бизден башка ар жерде арбын дагы.
Бир кезде Орто Азия чөлкөмү эмес,
Жер оошуп чет өлкөдө жашап калды.

Айтемир деп айттыңар бабаңарды,
Экенсиңер Айтемир урпактары.
Каракозу, Кулуштан, Каратума,
Ындыстан, Тегешендер уулдары.

Айталы үч уулунан Кара Козунун,
Жүз,миң башы, калыс бийлер болгонун.
Мендибай, Ырыскул жана Эдилбай,
Курушкан тынчтыктын бекем коргонун.

Адыл, Сары Кулуштандын баласы,
Акылы зор, бийик болгон намысы.
Бул экөөнөн тарагандар учурда,
Бир чоң айыл эл болушкан, карачы...

Айтылуу казы, бийи журтту сурап,
Бир тууган Кожомкул менен Бекмурат.
Эр жүрөк уулдары Каратуманын,
Апкелишкен элге бакыт, ынтымак.

-Санжыранын кызык сыры көп экен,
-Ооба, балдар! Дагы бабаң Тегешен.
Уулдары: Чоко, Арпачы Убайдул,
Атантайдай марттыгы чоң шер экен.

Ырыскы, туз насип буйруп алыстан,
Жаштайында сапар кеткен Ындыстан.
Жакшыларга жуурулушуп, эл болуп,
Таалтыр ал өз түнөгүн Чыгыштан.

Ай жарык. Асман бети толо жылдыз,
Аякта мөлтүрөгөн дары кымыз.
Бой жеткен, айжамалдуу, сулуу, назик,
Суктантат кымыз сунган кымча бел кыз.



Биз конок. Жылкычы Абаш toктоо мүнөз,
Конушту тандаптыр ал, бийик, күнөс.
Кыргыздай эл барбы экен, тоого ыктап,
Керемеtүү келишкен жайлоо сүйбөс!

Кызыды. Чер жазылды. Очокто от,
Казанда эт бышууда кайнап борк-борк.
Билгенин баян этип олтурду жай,
Аюу пөстөк үстүндө бүркүткө окшоп.

-Айтемир акыл эстүү өктөм болгон,
Жетимиш өнөр баары келген колдон.
"Баатыр" деген наамына ал татыктуу,
Эр жүрөк, тайманбаган ал жолборстон.

Ал чыгаан, көзгө атар кылмерген экен,
Душманын бир четинен терген экен.
Бычактын мизин атып айсыз түндө,
Аны экиге тепе-тең бөлгөн экен.

Бүркүт менен жолборсу бирге жүргөн,
Сыйкыры күч, башкага көрүнбөгөн.
Жарык нуру бетине жаба тийип,
Уктап жатса, башында чырак күйгөн.

Ал инсан. Адам болгон даңазалуу,
Хан, бийлер сыйлап өткөн даражалуу.
Ак таңдай, чечендиги таң калтырган,
Балдай сөз, шайыр мүнөз, тамашалуу.

Айтканым - үзүндүсү санжыранын,
Айта албайм толук бойдон таржымалын.
Айтемир айткан экен сыймыктанып:
"Балдарым – эч урабас таажы тактым!".

Уккула. Уккан сайын кумар кансын,
Уучу узун эл-журтумдан айланайын.
Келип турат силерге кабарлагым,
Аңызга айланткан калк аты-затын.

Эл ээси-Гүлбаар эне, ал энеңер,
Аялзаттан чыккан эстүү, кеменгер.
Даанышмандык кебин угуп кетүүгө,
Зыйнат тутуп алдына көп келген эл!

Айтемирге айткан экен энеси:
"Адам болгун! Унутпай менин тилимди ал!
Өгөй атаң Сатыбалды экөөбүз,
Эл-журт үчүн ойлонгонбуз миң маал!"

Айтемирди айтчуу болсом шашылбай,
Жайнамазда олтурганда жайма-жай.
Коргошундай ээрип намаз окуган,
Шайтан күчү ага жетип азгырбай!

Касиетти Алла берди оболу,
Жакшы иштерин Кудай өзү колдогон.
Кызыр Ата азыр болуп ар качан,
Ой, максаты орундалып, жол болду!

Көз карашы улам тереӊ өзгөрүп,
Кээ иштерин алдын ала көзү көрүп.
Айтканынын чын –төгүнүн эл билди,
Аш-тойлордо акыйкатты келтирип...- деп ыр кайрык-тарымдын соңуна чыкканым орундуу болчудай...

**Автор:** Окурмандарыбыз менен бирге айтарыбыз сизге: "Бар болуңуз! Алтын сөзүңүз калайык-калкыбыздын жүрөгүнөн орун таап, ар качан амандыкта болуңуз? Ал эми мен да узун сөзүбүздүн жыйынтыгын Ааламга аты тараган, Ала-Тоону жердеген каарман кыргыз журтун дүйнөнүн төрт бурчуна



тааныткан, даңазалаган көсөм калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун омоктуу ойлору менен түгөлдөсөк дейм: "Кылымдан кылым аттаган бул адамгерчилик касиеттерге тереӊ тамырлаган руханий аң-сезим менен пендечилик күрөшүндө, алар өздөрүнүн айкөл даанышмандыгы менен, туруктуу курч мүнөздөрү менен жеңишке жетип, акырында урагыс эстелик калтырышып, көк бетинен бири эрте, бири кеч учуп өтүштү. Аларды эске алуу кандай каниет, жан-дүйнөң кеңейип, санаанда күн чубагы ойгонгондой таасир аласың. Деги кимдин болсо да өз доорунан, өз замандаштарынан үлгүлүү бийик турган касиетин айтуу дүйнөлүк казынага кошула турган үлүштүн бир түрү.

Биринчиден, бул эске түшүрүү өзүбүз үчүн парз десек, экинчиден, ошол маркумдардын көөнөрбөс руху алдындагы инилик, перзенттик милдетибиз, ары алардын мезгилдин жамгыры чайып, күнгө тозулган касиеттүү көрүстөндөрүнө салган бир ууч топурагыбыз болор!"

# АРНОО ЫРЛАРЫ



## АРАВАНДАН АЙГА ЖЕТКЕН ЗОР ИНСАН

(КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ДОСТУГУНА КӨПҮРӨ, АРДАКТУУ АКАДЕМИК, УРМАТТУУ ЭКС-ДЕПУТАТ МУХАММАДЖАН МАМАСАИДОВГО).



Ала-Тоодо баатырларды өстүрүп,
«Ак алтынды» ээрине өңөргөн.
Дыйкандары жерди астейдил бапестеп,
Кыртышына соко тишин чөгөргөн.
Аравандын ордосунда зор устат
Мугалимдин бүлөсүндө төрөлгөн.
Мухаммаджан эс тарткан кез, маалынан,
Мыкты окуучу катарына теңелген.

Көңүлүндө улуу ойлор уялап,
Көзүн албай тоолордогу чокудан.
«Ушулардын сырын ачар бекем?» - деп,
Уйку аздатып, күндөп-түндөп окуган.

Аруу үмүттү жүрөгүндө сактаган,
Илим сыйкырларын дилде жаттаган.
Кыргыз жери зор касиет ыроолоп,
Кырк жашында докторлукту жактаган.

Жаш кезектен билим суусун шимирип,
Мүдөөлөргө чыдам менен жеткен жан.
Таш блогун бөлчү машина жасап,
Улуу чындык – күчкө айланып кеткен жан.

«Чоң илимпоз докторлору көбөйүп,
Өлкөбүздүн даңкы ааламга кетти.
Мамасаидов жазып берген зор илим,
Америка континентине жетти! » -
Деп жазылган канаттуу ойлор өркүндөп,
Атагыңыз Айда дагы дүңк этти!

Көк тиреген Памир, Алай тоолордон,
Күңгүрөнө үн алышат массивдер:
«Биздер менен адамзаттын арасын,
Бириктирген сыйкырдуу инсан тигине,
Мамасаидов келе жатат, ана, көр!»
Деген ойго биздер да үн кошобуз:
«Касиеттүү бул окумуштуу, турмушта
Академик, даңктуу илимпоз катары,
Жогорку Кеңешке эл эки ирет,
Шайлап алган депутат, чынчыл кызматкер».
Бир тууғандык ынтымакты ширеткен,
Кыргыз – Өзбек достугуна данакер!
Ар тамчысы мүрөк ссуга айланган,
Ак дайранын суусун ичкен улуу шер!
Айды изилдөө илиминде жаркырап,
Өчпөс оттой алоолонуп жана бер!»

Мекенимдин зор перзенти катары,
Улуу илимге Сиз таштаган кадам көп.
Он сегиз миң аалам калкы тааныды,
Ала-Тоодон Айга жеткен адам деп!

Дулдул-Ат тоо, Керметоолор сыйкырын,
Адамзатка ыроологон жарык жүз,
Кулунуна раазыланып чын дилден,
Атактуу бир өлкөдөгү калкыбыз
Дилден арнайт куттук, каалоо-тилегин:
«Ай кыртышын бургулаган аппарат»
Түзгөнүнө куп жазылды жарпыбыз!
Тарай берсин бүт дүйнөнүн бурчуна,
Таштан алтын сарай куруу – Салтыңыз!
Араванды жер жүзүнө тааныткан,
Куттуу болсун асыл курак – жашыңыз!



## КУТТУУ ТАЛААНЫН КЫЗЫ

(Социалисттик Эмгектин Баатыры Санталатхан Юсуповага арналат).



"Куттуу талаам, саа келүүгө ашыгам,
Сен күбөсүң, көп иш өттү башыман.
Кучагында кетмен чаап, тер төгүп,
Пахта тердим он үч, он төрт жашыман!"

Деп Санталат талаа менен сырдашты,
Ишке үндөп жакын курбу, курдашты.
Ар бир күндүк норманы ашык орундап,
Ынтымактын туусун бийик ыргашты.

Көпчүлүккө жагып эмгекчилдиги,
Сантаханды бригадирге шайлашты.
"Бирөө баары, бардыгы бирөөүчүн" деп,
Тартип, талаптуулук бирге айкашты.

Таңдан туруп, аткарышып бүт ишти,
Иңирден соң айталаадан кетишти.
Жүрөктөрдө жаштык кайрат жалындап.
Эң алдынкы орундарга жетишти.

Терең билип учур койгон шарттарды,
Бардык ишке шыктандырып жаштарды.
Шымалана чыгып, окуп, үйрөнүп,
Пахта терчүү агрегатты башкарды.

Жылдар бою Юсупова Санталат,
Болуп келди пахтазардын энеси.
Талаа койнун шаңга бөлөп, күркүрөп,
Тынбай жүрдү анын терим кемеси.

Акылман журт - Алатоолук кыргызым,
Баалай билип бул "капитан" нур кызын!
"Кырк чачы улук перзентим" деп, төшүнө.
Тагып койду Баатырлыктын жылдызын.



Бул улуу наам шыктандырып Баатырды,
Элдин ага ишенимин арттырды.
Чоң чарбага төрайымдык ишинде,
Элге берген убадада так турду.

Өз кесиби – талаа кызы сыяктуу,
Тарбиялап койду алтын туякты.
Шавкатбеги баба дыйкан аталып,
Журт милдетин өтөп келет ыраатгуу!

Дыйканчылык – улуу өнөрээлтен,
Жашоодо ага эч бир кызмат келбейт тең.
Ошондуктан, ага Мекен ыраазы,
Кучагы алтын, нанга толгон койну кең!

Кудай элге насип этип ар дайым,
Өлкөбүздө тынчтык болсун ылайым!
Аравандын тоолорунда көкөлөп,
Желбиресин эгемендик байрагы!

Пахта, күрүч, ак буудайга карк болуп,
Толуп-ташсын өрөөнүбүз аймагы!
Ушул улуу ырыскы, оомат, кут буйруп,
Жашагыла бүгүн залга чогулган,
Баатыр эне, талаа ээсинин ардактуу
Уул-кыздары – журтубуздун каймагы!

*Июнь, 2009-жыл*





Сүрөттө: (Ондон солго) Баатырдын уулу, коомдук ишмер Шавкатбек ажы Сабиров, акындар О.Таштемиров, Э.Тиллебаев жана Мухтар Абдиев.

## КЫРГЫЗ – АТАНЫН МУЗМУРУТУ[1]

(Ош МУнун профессору Букарбай Иметовдун 60 жылдык юбилейинде окулган ыр)



Ушул даңктуу Университеттин баласы,
Илим, билимге берилген ой- санаасы.
Ала-Тоолук алтын канат бүркүттөй,
Эл, мекендин парзын эстен чыгарбай,
Канат күүлөп кайкып учкан Букарбай,
Кырк жыл бою ушул алтын уяда,
Окуп, иштеп келатканын карачы!

Алтымыш жыл! Тек бир мезгил эмес бул,
Алоо, жалын, оттуу курак, санач ы!
Шул убакта ал жөн гана жатпады,
Курч төкөөрлүү шумкарларды таптады.
Илим жолуна чыгышкан шакирттер,
Кандидаттык, докторлукту жактады.
Аалам сырын билген аалымдар тобу,
Теңир-Тоолук эл үмүтүн актады!

Музмурутсуң[1], коштогон тынар, ылаачын,
Ош пиримден Айга жетсин кулачың.
Жер жүзүнө “Манас”, Чыңгызы жеткен,
Кыргыз үнүн бүткүл дүйнө угат, чын!
“Кыргыз-Атамды” шаңшыткын ааламга,
Өрүк комуз кулактарын бурап чың.
Ыйык журтка жасап турган алтын иш,
Куттуу болсун кутман курак алтымыш!

Эсен Тиллебаев,
Араван району, Гүлбаар айылы.
11-ноябрь, 2012-жыл.

---

Музмурут[1] - бүркүттөрдүн эң чоңу жана барып турган баатыры.
(С. Каралаев).



## АБДИМИТАЛ КАМАЛОВго

(Жазуучу жана адабиятчы)

Элине айткан, дагы айтар сөзү белен,
Келечекке жолугаар кези белен.
Доор, өмүр, адабиятты көрө билген,
(Кеп маңызын, зарегин тере билген)
Токтомат[1], Камбарлардын[2] көзү менен.

Абдимитал, сага бул каалоом болсун,
Жүрөгүндө журт берген алооң болсун!
Самар экөөң кылымдын белин ашып,
Жашай бер, дайым жаштык сезим менен!

**Калемдеш, замандаш досуң:**
**Эсен Тиллебаев,**
**15-июль, 2011-жыл.**



**Гүлбаар айылы. Сүрөттө: (солдон) Абдимитал Камалов жана Эсен Тиллебаев.**

---

Токтомат Зулпуев[1] - Ноокат районундагы “Россия” колхозунун башкармасы.
Камбаралы Бобулов[2] - Кыргыз адабиятындагы атактуу сынчы, жазуучу, акын.

## УМУГҮЛСҮН КААРОВА



Умугүлсүн Каарова Азиз кызы 1970-жылы Ош облусунун Ноокат районунун Төрөбай Кулатов атындагы айыл өкмөтүнүн Керege-Таш айылында туулган. 1987-жылы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектепти ийгиликтүү бүтүргөн. Кызыл-Кыядагы кесиптик-техникалык окуу жайынан машинисткалык кесипке ээ болгон. 2002-жылы Алма-Ата шаарына ишке барат. Ал жерде иштеп жүрүп, табият ыроологон табыптыктын алгачкы ишин баштайт.

Алма-Атадагы Элдик дарыгерлер тобуна мүчөлүккө кабыл алынат. 2007-жылы Чимкент шаарында өткөн Казакстан жана Борбор Азия элдик медицинасын өркүндөтүү боюнча биринчи Эл аралык конгресске барып, диагноз коюунун жыйынтыгында 1-орунду алып, ошол жылдын 27-июнунда Казакстан элдик медициналык коомунун ардактуу мүчөлүгүнө кабыл алынат. Андан көп өтпөй "Элдик медицинанын магистри" медалына татыктуу болот.

Умугүлсүн 2011-жылдан баштап Ош шаарында өзүнүн дасыккан табыпчылыгын улантат. Ушул кезде ага Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл, Талас облустарынан жана Тажикстандан келүүчүлөрдүн катары өтө арбын. Алардын баары Умугүлсүнгө ыраазылык, алкыштарын айтышууда. Умугүлсүн Каарова азыр Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарындагы элдик дарыгерлердин аймактык башкармалыгынын төрайымы.

Өмүрлөшү Нурлан Апызов экөө 6 перзенттин сүйүктүү ата-энеси. 1 неберенин таята, таенеси.

Улук табып кызым Умугүлсүнгө ушул китепти чыгарууда көрсөткөн демөөрчүлүгү үчүн үй-бүлөмдүн жана өзүмдүн атымдан терең ыраазылыгымды билдирем.

Автор Эсен Тиллебаев



## МАХАММАТМУСА ОЛЖОБАЕВ



Гүлбаарлык Махамматмуса Олжобаев беш бир тууғандын үчүнчүсү.

Ал Токтогул атындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин айылда дыйканчылык, касапчылык менен эмгектенди.

2012-жылдан баштап "Береке" деген соода борборун ачты. Ошондон бери элге керектүү зарылдыктарды журтка камсыздап келе жатат. Ушул китептин чыгышына көрсөткөн демөөрчүлүгү үчүн ага чын дилден ыраазылыгымды айтамын.

Автор: Э. Тиллебаев

## ЖОРОЕВА АЙГҮЛГӨ

**( «Гүлбаар» орто мектебинин директору,**
**«Эл агартуунун мыктысы,» Курманжан датка орденинин ээси).**



Элде айтылат: "Үйгө ырыс, ыкыбал келет,
Жаңы келген келиндин аягынан.
Айылга Чолпон-Ата назар бурат,
Белги айтып, койчумандын таягынан".

Дал ушул накыл сөзгө айкашкандай,
Маңдайына бир Кудай буюргандай.
Айгүл да Гүлбаарга келин болуп,
Кубанды бактысына жазылгандай.

Гүлбаарда ветврач – Заңги-баба,
Жусупжан атасы эле он бир жандын,
Өмүрлүк бир жубайы Наапакандын.
Айгүл да алпештеди ал экөөнү,
Ысыгынан таттырып жапкан нандын.



Мектепте иштеп жүрүп чейрек кылым,
Балдарга билим берди билбей тыным.
Педжамаат көрсөттү аны директорлук
Кызматка... "Көрөлү деп ишин мунун"...

Эски мектеп ашарлык жолу менен
Бүткөн эле. Дубалы урап калып,
Жараксыз болгондугун көрүп, Айгүл,
Жүгүрдү... Эл үмүтүн эсине алып.

Атамбаев абалды келип көрүп,
Президент катары көңүл бөлүп,
Бир жылда эле эки жүз жетимиш беш оорундуу
Эки кабат мектепти бүтүрткөнгө,
Журт башчыны алкады эл сүйүнө.

Бул иште Айтибаев акимдин да,
Калк үчүн аткарган зор кызматы бар.
"Ала-Тоолук кыргыздын жигит, кызы
Бали, аман, бар болгула азаматтар!
Ишке ашты эл үмүтү, татаалдыктар,
Алдыда дагы далай дабаандар бар.
Ашып өт!" – деп Айгүлгө оомат тилейт,
Жалпы журт, ата-энелер, замандаштар!



## АДАШЫ КӨП ЖУСУП АЖЫ СУЛТАНОВГО

Эс тарткандан ойлогонуң эл экен,
Бул өмүрдө аты уйкашың көп экен.
Баласагын жазып берген "Кут билим",
Ааламдагы сөздөн бүткөн чеп экен.

ЮНЕСКОДОН "Манас – кыргыз" деп билген
Улуу эпосту дүйнө калкы көп билген.
Ошону айткан Жусуп он сегиз том жазып,
Жер жүзүнүн адамына жеткирген!

Да бир Жусуп Турусбеков – ак таңдай,
"Энени" ырдап берсе уккан таң калды ай!
"Ажал ордуна" драмасы таанылды,
Он алтынчы жыл тарыхын жазгандай!

Зор тарыхта калемгерлик жол менен,
Аалы, Чыңгыз, Төлөгөндөр өтүшкөн.
Кыргыз элин, Ала-Тоону даңташып,
Дүйнө элиннин көңүлүнө жетишкен.

Дилиңдеги эңсегениң мына ошол,
Жазуучулук ыйык дагы, бийик жол!
Жусуев, Эралиевдей жашка жетип,
Кыргызда залкар сөздүн баатыры бол!



## МАЗМУНУ


550 ЖЫЛДЫ БАСКАН ГҮЛБААР ........ 3
Гүлбаар-Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны ........ 7
ТААНЫШУУ ........ 7
Темир уулу Мамашер Иметов ........ 11
СОҢКУ КЕРЭЭЗ ........ 14
«ЧЫҢГЫЗХАН КЫРГЫЗБЫ?» ........ 18
АЧ БЕЛ, АРА ЖОЛДО ........ 21
КАСИЕТТҮҮ АТА ЖУРТ ........ 26
"УЙКУДАГЫ СУЛУУ" ТООСУНУН СЫЙКЫРЫ ........ 26
БАЙГЕДЕ – "КУЛДУН БАЛДАРЫ" ........ 28
ПЕРЗЕНТТИК УЛУУ КӨМӨК ........ 30
БУЗУЛГАН АНТ ........ 39
ИШЕНИМДЕН КЕТҮҮ ........ 41
ЭКИНЧИ КААРДУУ КАРМАШУУ ........ 45
ТАТЫКТУУ НААМ ........ 49
БАШ СӨӨК-ӨЧ АЛУУНУН ЫКМАСЫ ........ 50
УСТАТ-АТА-ЭНЕЛЕРДЕН КИЙИНКИ ЖАКЫН АДАМ ........ 51
ОСУЯТ-ДААНЫШМАНДЫК ОЙДУН МАҢЫЗЫ ........ 54
АЙТЕМИРДИН БАЛДАРЫ, УРПАКТАРЫ ........ 57
АКЫЛМАН УУЛ – ЭЛИНИН ДАҢКЫ ........ 60
КҮМБӨЗ- КЫЛЫМДАРДЫН КҮБӨСҮ ........ 63
ЭР ТАМЫРЫ-ЖЕР ТАМЫРЫ ӨЗӨКТӨШ ........ 67
ЫР КАЙРЫКТА-АЙТЕМИР ШАРАПАТЫ ........ 68
АРАВАНДАН АЙГА ЖЕТКЕН ЗОР ИНСАН ........ 75
КУТТУУ ТАЛААНЫН КЫЗЫ ........ 77
АБДИМИТАЛ КАМАЛОВго ........ 81
УМУГҮЛСҮН КААРОВА ........ 82
МАХАММАТМУСА ОЛЖОБАЕВ ........ 83
ЖОРОЕВА АЙГҮЛГӨ ........ 84
АДАШЫ КӨП ЖУСУП АЖЫ СУЛТАНОВГО ........ 86

Эсен Тиллебаев

# Гүлбаар-Оштун кызы же Айтемир баатыр баяны

**Бул китеп Араван районунун 80 жылдыгына, Кыргызстандын тарых жана маданият жылына арналат**

**Баян – диалог**


Редактору: Тажимамат Исмаилов
Корректору: Асылбек кызы Айтурган
Тех. Редактору: Урмат Тугельбаев
Компьютердик калыпка салган Сайкал Карагулова

Терүүгө 07. 03. 2016 берилди. Басууга 9.05. 2016 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 16/1. Офсеттик ыкма менен басылды.
Көлөмү 5,75 басма табак. Нускасы: 200 даана.
Келишим баада.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86г
Тел.: (03222) 4-69-16


150с.



Балдар акыны Эсен Тиллебаев Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айылында туулган. 1987-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Кыргызстан Журналисттер Союзунун үч жолу, Ош облустук Мамлекеттик администрациясынын, Араван райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Эсен Тиллебаевдин балдар үчүн "Чаарчык" (1985-жыл), "Чымчыктар үшүп калышат", "Бадырак" (1994-жыл),чоңдор үчүн "Алтын өрөөндүн атуулу" (1995-жыл), "Жүрөктөн шоола чачкандар","Төө-Моюн чыгааны" (2001-жыл) аттуу китептери жарык көргөн. 2008-жылы калемгер өзүнүн 70 жылдык юбилейине карата 17 басма табактан турган "Замандашка дилнаама" деген повесть, аңгемелеринин жана ырлар менен поэмасынын көлөмдүү топтомун бастырып чыгарды. Айрыкча "Аткарылбай калган ант" повести бөтөнчө айырмалуу.

Ал эми котормо жаатында да автор бир топ чыгармаларды кыргыз окурмандарына тартуулады. Алардын арасында "Ажынаама", К. Мирзаевдин "Кыштап калган карлыгач", М. Мусаеванын "Сыноо" повесттери, С. Абдивахидовдун "Исламдын тарыхы" китеби, С. Шерматовдун "Дил баяны", М. Абдиевдин "Таза аалам",Э. Парпиевдин "Турмуштун алиппеси", Ахун Жоронун "Көңүлдүн көчөлөрүндө" аттуу ыр жыйнактары бар.